Банктын акционерлеринин кезексиз
жалпы жыйыны тарабынан бекитилген,
2026-жылдын 3-мартындагы №2-протокол

**«АБАНК»**

# АЧЫК АКЦИОНЕРДИК КООМУНУН

# УСТАВЫ

**Бишкек шаары - 2026 -жыл**

## 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

**1.1.** Бул Уставда мындан ары “Банк” деп аталуучу “АБанк” ачык акционердик коомунун ишин уюштуруу тартиби аныкталган. Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык Банк “Кыргыз айыл чарба финансылык корпоорациясы” ачык акционердик коомунун бардык укуктары жана милдеттенмелери өткөн, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде 2006-жылдын 14-декабрында кайрадан катталган Банк болуп саналат (2016-жылдын 14-декабрындагы юридикалык жак катары мамлекеттик кайра каттоодон өткөндүгүн тастыктаган №508-3301-ААКсы, ОКПО коду 21663710 күбөлүгүнө ээ).

**1.2.** Банк, Кыргыз Республикасынын банк тутумунун курамына кирген, өз ишинде Кыргыз Республикасынын банк ишин жана акционердик коомдордун ишин жөнгө салган мыйзамдарына, эл аралык банктык иш тажрыйбага, ушул Уставга жана Банктын мыйзам тартибинде кабыл алынган ички ченемдик документтерине таянуу менен иш алып барган, коммерциялык финансы-кредит уюму болуп саналат.

**1.3.** Банк, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык юридикалык жак болуп эсептелинет жана акцияларга төлөө эсебинен ага өткөрүлүп берилген акча каражаттарын кошо алганда, өз балансында чагылдырылган менчик мүлктөргө ээ.

**1.4.** Банк, мүлктүк жана мүлктүк эмес укуктарга ээ болуу менен милдеттерди аткарууга, жоопкерчилик тартууга, сотко доогер же жооп берүүчү, ошондой эле үчүнчү жак катары катышууга укутуу.

**1.5.** Мамлекет өзүнө милдеттенмелерди алган учурларды эске албаганда, Кыргыз Республикасы Банктын милдеттенмелери үчүн жооп бербегендей эле, Банк да Кыргыз Республикасынын милдеттенмелери үчүн жооп бербейт.

**1.6.** Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы Банктын милдеттенмелери боюнча жооп бербегендей эле, Банк да Улуттук банктын милдеттенмелери үчүн жооп бербейт.

**1.7.** Банк өз акционерлеринин милдеттенмелери боюнча да жооп бербейт.

**1.8.** Банк, ачык акционердик коом түрүндө белгисиз мөөнөткө түзүлөт жана өз ишин Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан банк операцияларын жүргүзүү укугуна берилген лицензиянын негизинде жүзөгө ашырат.

**1.9.** Банк, мамлекеттик бийлик органдарынан жана алар кабыл алган чечимдерден көз карандысыз иш алып барат.

**1.10.** Банк, уюштуруу-укуктук формасы, жайгашкан орду, идентификациялык салык номери көрсөтүлгөн кыргыз, орус жана англис тилинде толук фирмалык аталышы чагылдырылган тегерек мөөргө, штамптарга, жайгашкан жери, жеке эмблемасы, белгиленген тартипте каттодон өткөрүлгөн товардык белгиси жана башка тастыктоочу белгилер көрсөтүлгөн, толук аталышы чагылдырылган бланктарга ээ.

**1.11.** Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган негиздерди эске албаганда, мамлекеттик органдарга, алардын кызмат адамдарына Банктын мыйзамдуу ишине кийлигишүүсүнө тыюу салынат.

**1.12.** Банк, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзам талаптарын сактоо менен республика аймагында жана анын чегинен тышкары жайгашкан башка банктар менен корреспонденттик мамилелерди өз алдынча аныктоого укуктуу.

**1.13.** Банк Кыргыз Республикасынын жана тиешелүү чет мамлекеттин колдонуудагы мыйзамдарына ылайык, Кыргыз Республикасынын аймагында жана анын чегинен тышкары башка коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдарга өз алдынча же башка юридикалык жактар менен биргеликте катышууга укуктуу.

## 2. БАНКТЫН ФИРМАЛЫК (РАСМИЙ) АТАЛЫШЫ ЖАНА ЖАЙГАШКАН ЖЕРИНИН ДАРЕГИ

**2.1.** Банктын толук фирмалык (расмий) аталышы:

мамлекеттик тилде:

***"АБанк" ачык акционердик коому;***

расмий тилде:

***Открытое акционерное общество "АБанк";***

англис тилинде:

***The open joint-stock company "ABank";***

**2.2.** Банктын кыскартылган фирмалык аталышы:

мамлекеттик тилде: ***"АБанк" ААКсы;***

расмий тилде: ***ОАО "АБанк";***

англис тилинде: ***OJSC "ABank".***

**2.3.** Банк белгиленген тартипте каттодон өткөндөн кийин өзүнү фирмалык аталышын колдонууга өзгөчө укукка ээ.

**2.4.** Банктын жайгашкан жеринин дареги: ***индекс 720040, Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары Я.Логвиненко атындагы көчө № 14.***

## 3. БАНКТЫН ИШ МАКСАТЫ, ПРЕДМЕТИ ЖАНА ИШ БАГЫТТАРЫНЫН ТҮРЛӨРҮ

**3.1.** Банк пайда табуу максатын көздөйт.

**3.2.** Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан берилген лицензияга ылайык, банктык кызмат көрсөтүүлөрдү, анын ичинде ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык кызматтарды сунуштоо Банктын иш предмети болуп саналат.

**3.3.** Бекитилген саясаттарга ылайык айыл-чарба азык түлүгүн өдүрүүчүлөрдү, агро бизнес ишканаларын мөөнөтүндө төлөө, өз учурунда кайтарып берүү жана төлөөгө жөндөмдүүлүк шарттарында кредиттөө Бантын негизги иш багытынан болуп саналат. Айыл чарба азык түлүгүн кайра иштетүү, аларды сактоону кошо алганда, айыл чарбасын кредиттөө, агротехникалык иш-

чараларды жүргүзүү, айыл чарба техникаларын (жабдууларды) сатып алуу (ижарага сунуштоо), ошондой эле айылдык товар өндүрүүчүлөргө дем берип, аларга колдоо көрсөтүү жагында иш алып баруу - кредиттөөнүн негизги түрүнөн болуп саналат. Банк ошондой эле, юридикалык жактарга, жеке ишкерлерге жана жеке адамдарга айыл чарба багытынан тышкары да башка максаттар үчүн да кредиттерди сунуштайт.

**3.4.** Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын лицензиясына ылайык Банк, ислам банк иши жана каржылоо принциптери боюнча операцияларды Уставдын 3.3-пунктунда көрсөтүлгөн кредиттөө жагындагы финансылык инструменттердей эле жүзөгө ашыра алат.

## 4. БАНКТЫН ФИЛИАЛДАРЫ ЖАНА ӨКҮЛЧҮЛҮГҮ

**4.1.** Банк Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзам талаптарын так сактоо менен республика аймагында, ошондой эле эл аралык келишимдерде башкасы каралбаса, филиалдар жана өкүлчүлүктөр жайгашкан чет мамлекеттердин мыйзам нормаларынын чегинде республика аймагынан тышкары филиалдарды түзүп, өкүлчүлүктөрдү ача алат.

Филиалдар жана өкүлчүлүктөр Банктын атынан иш алып барып, алар үчүн толук жоопкерчиликтүү болуп саналат.

Филиал жана өкүлчүлүк Банк менен бирдиктүү уставдык капиталга, баланска, ошондой эле Банктын аталышына толук дал келген аталышка ээ.

**4.2.** Филиалдар жана өкүлчүлүктөр өз алдынча юридикалык жак болуп саналбайт, аларга Банктын мүлкүнүн эсебинен негизги жана жүгүртүү каражаттары бөлүнөт жана алар бекитилген жоболорго таянуу менен иш алып барып, жоболордо аныкталган ыйгарым укуктардын чегинде Банктын атынан иш жүргүзөт.

**4.3.** Филиалдарды жана өкүлчүлүктөрдү түзүү/жабуу, филиалдар жана өкүлчүлүктөр жөнүндө жоболорду бекитүү чечими Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына жана филиалдар, өкүлчүлүктөр түзүлгөн өлкөнүн мыйзамдарына ылайык, Банктын Директорлор кеңеши тарабынан кабыл алынат.

**4.4.** Филиалдардын жана өкүлчүлүктөрдүн жетекчилери Банктын Директорлор кеңешине макулдашуунун негизинде Банк Башкармасы тарабынан дайындалат жана алар Банктын ишеним катынын негизинде иш алып барат.

**4.5.** Банктын филиалдары:

| № | Филиалдардын аталышы | Филиалдардын дареги |
|---|---|---|
| 1 | Ала-Букадагы филиал | Жалал-Абад областынынням Ала-Бука районунун Ала-Бука айылынын В.Ленин атындагы көчөсү, 39 |
| 2 | “Бишкек-Түштүк” филиалы | Бишкек шаарынын «Асанбай» кичи районунун 40/1 |
| 3 | Аравандагы филиал | Ош областынын Араван районунун Араван айылынын В.Ленин атындагы көчөсү, 2/1 |

| | | |
|---|---|---|
| 4 | Базар-Коргондогу филиал | Жалал-Абад областынын Базар-Коргон районунун Базар-Коргон шаарынын Джамалажанов атындагы көчөсү, 101 |
| 5 | Балыкчыдагы филиал | Ысык-Көл областынын Балыкчы шаарынын Ж.Абдрахманов атындагы көчөсү, 207 |
| 6 | Баткендеги филиал | Баткен областынын Баткен шаарынын И.Раззаков атындагы көчөсү, 14 |
| 7 | Беловодскийдеги филиал | Чүй областынын Москва районунун Беловодское айылынын Ленин атындагы көчө, 29 |
| 8 | Бишкектеги филиал | Бишкек шаарынын Т.Шевченко атындагы көчөсү, 83 |
| 9 | Гүлчөдөгү филиал | Ош областынын Алай районунун Гүлчө шаарынын Алымбек Датка атындагы көчөсү, 115 |
| 10 | Жалал-Абаддагы филиал | Жалал-Абад областынын Манас шаарынын Балтагулов атындагы көчөсү, 20 |
| 11 | Жети-Өгүздөгү филиал | Ысык-Көл областынын Жети-Өгүз районунун Кызыл-Суу айылынын Манас көчөсү, 216 |
| 12 | Кадамжайдагы филиал | Баткен областынын Кадамжай районунун Кдамжай шаарынын Пүлгөн айылынын Орозбеков атындагы көчөү, 130/1 |
| 13 | Канттагы филиал | Чүй областынын Ысык-Ата районунун Кант шаарынын Ю.Гагарин атындагы көчөсү, номерсиз |
| 14 | Кара-Балтадагы филиал | Чүй областынын Кара-Балта шаарынын Т.Кожомбердиев атындагы көчөсү, 59, 61 |
| 15 | Кара-Буурадагы филиал | Талас областынын Айтматов районунун Кызыл-Адыр айылынын Ч.Айтматов атындагы көчөсү, 31 |
| 16 | Караколдогу филиал | Ысык-Көл областынын Каракол шаарынын Москва көчөсүнүн, 120 "а" |
| 17 | Кара-Кулжадагы филиал | Ош областынын Кара-Кулжа районунун Кара-Кулжа айылынын Суранбай атындагы көчөсү, 3 |
| 18 | Кара-Суудагы филиал | Ош областынын Кара-Суу районунун Кара-Суу шаарынын В.Ленин атындагы көчөсү, МЭЗ участогу |
| 19 | Кербендеги филиал | Жалал-Абад областынын Аксы районунун Кербен шаарынын Т.Үмөталиев атындагы көчөсү, 173 |
| 20 | Кочкордогу филиал | Нарын областынын Кочкор районунун Кочкор айылынын С.Орозбаков атындагы көчөсү, 230 |
| 21 | Кызыл-Кыядагы филиал | Баткен областынын Кызыл-Кыя шаарынын 1-кичирайону, 21 «А» |
| 22 | Лейлектеги филиал | Баткен областынын Лейлек районунун Раззаков шаарынын Кошмуратов атындагы көчөсү, 46 |
| 23 | Нарындагы филиал | Нарын областынын Нарын шаарынын В.Ленин |

| | | |
|---|---|---|
| | | атындагы көчөсү, 72 |
| 24 | Ноокаттагы филиал | Ош областынын Ноокат районунун Ноокат шаарынын В.Ленин атындагы көчөсү, 6 |
| 25 | Ноокендеги филиал | Жалал-Абад областынын Ноокен районунун Масы айылынын В.Ленин атындагы көчөсү, 18 |
| 26 | Оштогу филиал | Ош шаарынын И.Раззаков атындагы көчө, 21 |
| 27 | «Ош-Датка» филиалы | Ош шаарынын Алымбек датка атындагы көчөсү, 313 г |
| 28 | Сокулуктагы филиал | Чүй областынын Сокулук районунун Сокулук айылынын М.Фрунзе атындагы көчөсү, 116 |
| 29 | Таластагы филиал | Талас областынын Талас шаарынын А.Оторбаев атындагы көчөсү, 231 |
| 30 | Токмоктогу филиал | Чүй областынын Чүй районунун Чүй айылынын С.Ибраимов атындагы көчөсү, 5 |
| 31 | Токтогулдагы филиал | Жалал-Абад областынын Токтогул районунун Токтогул шаарынын А.Суеркулов атындагы көчөсү, 7 |
| 32 | Тоңдогу филиал | Ысык-Көл областынын Тоң районунун Бөкөнбаев айылынын В.Ленин атындагы көчөсү, 75 |
| 33 | Түптөгү филиал | Ысык-Көл областынын Түп районунун Түп айылынын М.Элебаев атындагы көчө, 85 |
| 34 | Өзгөндөгү филиал | Ош областынын Өзгөн районунун Өзгөн шаарынын В.Ленин атындагы көчөсү, 125 |
| 35 | «АБанк-Борбор» филиалы | Бишкек шаарынын Киев көчөсү, 114/2 |
| 36 | «Бишкек-Мээрим» филиалы | Бишкек шаарынын И.Ахунбаев атындагы көчөсү, 48/1 |
| 37 | "ВИП-Борбор" филиалы | Бишкек шаарынын Жумабек атындагы көчөсү, 105/1 |
| 38 | Фуркаттагы филиал | Ош областынын Кара-Суу районунун Шарк айыл аймагынын Ташлак айылынын Фуркат көчөсү, 18 |
| 39 | Чолпон-Атадагы филиал | Ысык-Көл областынын Чолпон-Ата шаарынын Совет көчөсү, номерсиз |
| 40 | Чон-Алайдагы филиал | Ош областынын Чон-Алай районунун Дароот-Коргон айылынын Ч.Сулайманов атындагы көчөсү,71 |
| 41 | Кайыңдыдагы филиал | Чүй областынын Панфилов районунун Кайыңды шаарынын Садовая көчөсү, 5 |

**4.6.** Банктын өкүлчүлүгү:

| № | Өкүлчүлүктүн аталышы | |
|---|---|---|
| 1 | "АБанк" ААКсынын Россия Федерациясынын Москва шаарындагы өкүлчүлүгү | Россия Федерациясынын Москва шаарынын 1-Хвостов атындагы көчөсү, 3А-үйү, 2-курулма, 301, 304-кеңсе |

## 5. БАНК ОПЕРАЦИЯЛАРЫ ЖАНА БАШКА БҮТҮМДӨР

**5.1.** Банк өз иш максаттарын жетишүү үчүн Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан берилген лицензияда көрсөтүлгөн банктык операциялардын төмөнкү түрлөрүн жүзөгө ашыра алат:

- өз атынан келишимдик шарттарда аманаттарды тартуу;
- өз атынан келишимдик шарттарда өздүк жана тартылган каражаттарды жайгаштыруу;
- эсептерди ачуу жана жүргүзүү;
- кардарлардын жана банк-корреспонденттердин тапшыруусу боюнча эсептешүүлөрдү жана төлөмдөрдү ишке ашыруу жана аларды кассалык тейлөө;
- кредиттик жана төлөм карттарын кошо алганда, төлөм документтерин (чектерди, аккредитивдерди, векселдерди жана башка документтерди) чыгаруу, сатып алуу, аларга төлөө, кабыл алуу, сактоо жана тастыктоо;
- үчүнчү жактардан акчалай түрдө милдеттенмелердин аткарылышын талап кылуу укугун алууга (факторинг);
- жөнөкөй жана которулма векселдерди сатып алуу аркылуу карыздык милдеттенмелерге төлөө (форфейтинг);
- карыздык баалуу кагаздарды чыгаруу жана жайгаштыруу;
- финансы лизинги боюнча операцияларды ишке ашыруу;
- банктык гарантияларды чыгаруу;
- кардарлардын акчалай которууларын ишке ашыруу, анын ичинде эсеп ачуусуз эле жүргүзүү;
- Кыргыз Республикасынын резидент эмес банктары үчүн корреспонденттик эсептерди ачуу жана жүргүзүү;
- кардарлар үчүн чет өлкө валютасында ачылган эсептер боюнча операцияларды ишке ашыруу жана кардар атынан чет өлкө валютасын сатып алуу (алмаштыруу);
- өз атынан чет өлкө валюталарын сатып алуу жана сатуу (алмаштыруу);
- баалуу металлдар менен операцияларды жүргүзүү (аффинаждалган стандарттык жана өлчөнгөн куймалар түрүндө күмүш, алтын, платина, ошондой эле жогорку сапаттагы жогоруда көрсөтүлгөн металлдардан жасалган монеталар менен);
- туундуу финансылык инструменттер (деривативдер) менен операцияларды жүргүзүү;
- электрондук акча чыгаруу;
- маалымат технологияларына жана электрондук каражаттарга, ошондой эле төлөм жүргүзүү ыкмаларына негизденген төлөм системалары аркылуу үчүнчү жактардын пайдасына өз иш жыйынтыгы болуп саналбаган товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү кабыл алуу жана ишке ашыруу;
- тиешелүү процессинг, клиринг борборунун төлөм системасынын катышуучусу болгон үчүнчү жактардын төлөмдөрү жана эсептешүүлөрү боюнча финансылык маалыматтарды кабыл алуу, иштеп чыгуу жана

жөнөтүү (процессинг, клиринг);

- ислам банк иши жана каржылоо принцибине ылайык банк операцияларын жүргүзүү укугуна тиешелүү лицензиясы болгон шартта “ислам терезеси” аркылуу ислам банк иши жана каржылоо принциби боюнча уруксат берилген тизмеге ылайык банк операицяларын жүргүзүүгө.

**5.2.** Банк төмөнкүдөй иш багыттарын жүргүзүп, бүтүмдөргө келишүүгө укуктуу:

- үчүнчү жактар үчүн кепил болуу жана башка милдеттенмелерди алуу;
- баалуу кагаздарды, анын ичинде ислам баалуу кагаздарын чыгаруу, сатып алуу, сатуу, тейлөө, ошондой депозитарийдин кызмат көрсөтүүсүн сунуштоо
- жеке адамдар же юридикалык жактар менен түзүлгөн келишимге ылайык мүлктөрдү ишеним боюнча тескөө (акча каражаттарын эске албаганда);
- жеке адамдарга жана юридикалык жактарга баалуулуктарды сактоосу үчүн сейфтерди ижарага берүү;
- банк алдындагы милдеттенмердин ордун жабуу максатында күрөөлүк мүлктү сатып өткөрүү;
- инвестициялык кызмат көрсөтүүлөр;
- банк ишине байланыштуу консультациялык кызмат көрсөтүүлөр;
- финансы лизинги боюнча бүтүмдөр;
- финансы агенти катары кызмат көрсөтүүлөр.

Банк, эгерде бул Кыргыз Республикасынын колдонуудагы банктык мыйзамдарына каршы келбесе, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык башка иш багытын да жүзөгө ашыра алат. Негизги милдетинин аткарылышын камсыз кылуу үчүн зарыл болгон иштин түрүн же банк ишине байланыштуу ишти гана жүзөгө ашыра алат.

**5.3.** Банк активдүү жана пассивдүү операциялары боюнча пайыздык чендерди, эгерде Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында башкасы белгиленбесе, ислам банк иши жана каржылоо принциби боюнча комиссиялык сыйакы өлчөмүн, кирешелүүлүк нормасын өз алдынча аныктоого укуктуу.

**5.4.** Банктын аффилирленген жана ага байланыштуу жактар менен келишилген бүтүмдөрү жана ишке ашырылган операциялары, ошондой эле аларды жүргүзүү тартиби Кыргыз Республикасынын банктык мыйзам талаптарына жана Банктын ички ченемдик актыларына ылайык жүзөгө ашырылууга тийиш.

**5.5.** Банк иш планын өз алдынча иштеп чыгып, бекитүүгө укуктуу.

**5.6.** Банк, мыйзамдарда белгиленген учурларда, анын ичинде төмөндө келтирилген жагдайларда кыймылсыз мүлк жана мүлктүк укукка тиешелүү бүтүмдөрдү кошо алганда, мүлктү сатып алуу, ажыратып алуу, ижарага алуу сыяктуу эле, мүлк менен башка бүтүмдөргө келишүүгө укуктуу:

- эгерде бул Банк иши үчүн зарыл болсо;
- эгерде бул Банктын контрагенттери өз милдеттенмелерин аткаруусу үчүн зарыл болсо;
- кыймылсыз мүлк мурда берилген кредиттердин ордун жабуу (толугу менен же алардын бөлүгүн) максатында сатып алуу, өткөрүп берүү, ажыратып

алуу же башка ыкмада сатылып алынган болсо.

**5.7.** Банк, Уставдын 5.3.-5.6.-пункттарында чагылдырылган иш-аракеттерден тышкары, Кыргыз Республикасынын жарандык жана банк мыйзамдарында аныкталаган укукту алып жүрүү мүмкүнчүлүгүнүн алкагында өз ишин камсыз кылуу үчүн зарыл богон башка бүтүмдөргө келишип, операцияларды ишке ашырууга укуктуу.

**5.8.** Банк, Кыргыз Республикасынын эмгек шартына тиешелүү мыйзам талаптарын сактоо менен өз ишине чет өлкөлөрдөн адистерди тартууга укуктуу. Мында ал эмгекке төлөө формасын, системасын, эмгек акы өлчөмүн жана алардын түрлөрүн өз алдынча аныктайт.

**5.9.** Банк, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын макулдугу болгон шартта, лицензияланган банк ишинин башка багыттары боюнча иш алып барууга укуктуу.

## 6. БАНКТЫН КАПИТАЛЫ

**6.1.** Банктын капиталы анын пайда алуу менен иштеп, туруктуу өнүгүүнү камсыз кылуу, банк ишине мүнөздүү болгон потенциалдуу жоготуулардын ордун жабуу үчүн кызмат кылып, кардарлардын Банкка карата ишениминин гаранты болуу менен бирге эле, иш процессинде келип чыгышы ыктымал болгон тобокелдиктерден коргоо чарасы катары да колдонулат.

**6.2.** Банктын капиталы – бул, бухгалтердик баланстын беренелерине ылайык активдер менен милдеттенмелер ортосундагы айырманы түшүндүргөн, бухгалтердик эсепке алуу принцибинде чагылдырылган таза наркты же Банктын өздүк каражаттарын түшүндүрөт.

**6.3.** Банктын уставдык капиталы:

6.3.1. Толугу менен төлөнгөн уставдык капитал Банк капиталынын негизин түзөт, Банк ал боюнча уюштуруучулар (акционерлер) тарабынан салынган каражаттарды кайтарып берүү милдеттенмесине ээ эмес жана бул Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын талаптарына да жооп берет.

6.3.2. Уставдык капитал уюштуруучулардын (акционерлердин) акча каражаттарынын эсебинен Кыргыз Республикасынын улуттук валютасында, нак эмес формада топтолот.

6.3.3. Уставдык капитал өлчөмү - **Банктын уставдык капиталы 79 767 480 000 (жетимиш тогуз миллиард жети жүз алтымыш жети миллион төрт жүз сексен миң) сомду түзөт**. Уставдык капитал ар бининин номиналдык наркы 10 000 (он миң) сомдук 7 976 748 (жети миллион тогуз жүз жетимиш алты миң жети жүз кырк сегиз) жөнөкөй өздүк акцияларга бөлүнгөн.

6.3.4. Уставдык капитал өлчөмү кошумча акцияларды чыгаруу жана жайгаштыруу аркылуу көбөйтүлүшү мүмкүн. Банктын уставдык капиталын көбөйтүү же азайтуу Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында аныкталган тартипте ишке ашырылат.

6.3.5. Уставдык капитал толугу менен төлөнгөн шартта гана аны көбөйтүүгө жол берилет.

6.3.6. Уставдык капиталды жол берилген чыгым ордун толуктап алуу максатында

көбөйтүүгө тыюу салынат.

6.3.7. Уставдык капитал көлөмүн азайтуунун натыйжасында ал Уставга сунушталган өзгөртүүлөрдү каттоодон өткөртүү учурунда Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдарында белгиленген минималдуу өлчөмдөн аз болуп кала турган болсо, Банк уставдык капиталды азайтууга укугу жок.

**6.4.** Банктын кошумча капиталы төлөнгөн уставдык капиталдан үстөк салынган каражат эсебинен топтолот.

6.4.1. Жеке адамдардын жана юридикалык жактардын түзүлгөн келишимдин негизинде Банктын акцияларын сатып алуусунун эсебинен кайтарылып алынгыс (кандай болбосун жагдайга карабастан), мөөнөтсүз, ошондой эле Банк банкроттукка дуушар болгон шартта салынган каражаттар боюнча талаптар, Банктын акционерлеринин кезегиндей эле канааттандырылышы шартында салынган каражаттарынан турат. Кийинчирээк жеке адамдар жана юридикалык жактар тарабынан салынган акча каражаттары жөнөкөй акцияларга өзгөртүлүүгө, ал эми акча салган жактар ошол суммага чыгарылган акцияларды сатып алууга талашсыз укукка ээ болууга тийиш.

**6.5.** Банктын камдары (резервдер):

6.5.1. Банк, банк ишин жүргүзүүгө байланыштуу келип чыккан чыгым ордун өз учурунда жабуу үчүн каралган камдарды түзүүгө тийиш. Банктын чыгашаларына чегерилүүчү кредиттик, лизингдик жоготуулар, башка чыгым ордун жабуу зарылчылыгы келип чыккан шартта, бул үчүн тиешелүү камдарды түзүү тартиби жана аларды эсептөө ыкмасы Банк тарабынан банктык мыйзамдарга ылайык аныкталат.

6.5.2. Жүргүзүлгөн операциялар мүнөзүнө жана чөйрөсүнө ылайык өз ишине талаптагыдай контролдукту камсыз кылып, иштин ишенимдүү уланышы максатында Банк Финансылык отчеттуулуктук эл аралык стандарттарына ылайык жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында белгиленген тартипте камдарды түзө алат.

6.5.3. Банк ошондой эле, келечектеги керектөөлөр үчүн келечектеги дивиденддерди төлөөдө колдонулууга тийиш болбогон, топтолгон пайда түрүндө бөлүштүрүлбөгөн камдарды да түзүшү мүмкүн. Келечектеги керектөөлөр үчүн кам дивиденддер түрүндө акчалай төлөөлөрдү азайтуу, пайданын азайып кетиши ыктымалдыгы шартында да капитал шайкештигин сактап калуу жана капиталдык активдерге жана Банктын иш багытын өнүктүрүүгө, ошондой эле акционерлердин жалпы жыйынын чечими боюнча башка максаттарга инвестициялоону кошо алганда, Банк операцияларын кайра инвестициялоо аркылуу, Банктын ликвиддүүлүгүн сактап калуу максатында түзүлөт.

## 7. БАНКТЫН АКЦИЯЛАРЫ. АКЦИОНЕРДЕРДИН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

**7.1.** Жөнөкөй жана өздүк баалуу кагаздар Банктын акциялары болуп саналат.

**7.2.** Акцияга толук төлөнгөн шартта гана добуш берүү укугу ыйгарылат.

**7.3.** Акционерлер Банктын милдеттенмелери үчүн жооп бербейт, алар Банк

ишинде келип чыккан чыгым тобокелдиги үчүн өздөрүнө таандык акциялар наркы чегинде жооп берет.

**7.4.** Акционер – Банктын жөнөкөй акцияларынын ээси төмөнкүлөргө укуктуу:

7.4.1. Банк ишинен алынган пайданын (дивиденддеринин) бөлүгүн алууга.

7.4.2. Банк жоюлуп кеткен шартта анын мүлкүнүн бөлүгүн алууга.

7.4.3. Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзам талаптарын эске алуу менен акцияларды же алардын бөлүгүн башка жарандарга же юридикалык жактарга сатууга же башка ыкмада алардын ээлигине өткөрүп берүүгө.

7.4.4. Башка жарандарга же юридикалык жактарга акцияларды же алардын бөлүгүн күрөөгө коюуга же ишеним боюнча тескөөгө өткөрүп берүүгө.

7.4.5. Банктын уставына ылайык ал чыгарган акцияларды артыкчылыктуу шартта сатып алууга.

7.4.6. Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында жана ушул Уставда аныкталган тартипте Банк ишин тескөөгө катышууга.

7.4.7. Банктын акционерлеринин жыйынына добуш берүү укугунда катышууга.

7.4.8. Акционерлердин жалпы жыйынынын күн тартибине кошуу үчүн сунуш киргизүүгө.

7.4.9. Сот тартибинде өз укугун коргоого алууга жана Банктын кызмат адамдарына, ошондой эле Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык эгерде ошол акционердин мүлктүк укугун бузууга жол берилип, ага мүлктүк чыгым келтирилген болсо бүтүмдөрдүн ишке ашырылышына кызыктар болгон жактарга карата доо арыз менен кайрылууга.

7.4.10. Чечим чыгарылгандан кийинки бир жыл ичинде, эгерде ошол чечим аркылуу кайсыл бир акционердин мүлктүк укугун бузууга жол берилип, ага мүлктүк чыгым келтирилген болсо, Банк тарабынан кабыл алган чечимге макул эместигин билдирүүгө.

7.4.11. Эмиссияга катышуу укугун бузууга жол берилип, ошол эмиссия боюнча ал үчүн мүлктүк чыгым келип чыккан шартта, Кыргыз Республикасынын баалуу кагаздар рыногун жөнгө салган ыйгарым укуктуу мамлекеттик органда акциялардын чыгарылышы мамлекеттик каттодон өткөртүлгөндөн кийинки эки ай ичинде сот тартибинде эмиссиянын жана/же эмиссияга байланыштуу жол-жобонун аныктыгына макул эместигин билдирүүгө.

7.4.12. Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында жана ушул Уставда каралган тартипте Банк иши боюнча маалымат алууга.

7.4.13. Банктын акционерлеринин жана анын өзүнүн Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык аларды ишке ашырууга башка жактар да кызыктар болгон бүтүмдөр боюнча сотко кайрылууга. Буга ошол акционердин мүлктүк укугун бузууга жол берилип, ага мүлктүк чыгым келитирлеген шартта гана уруксат берилет.

7.4.14. Акционерлер Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына жана Банктын Уставына ылайык, башка мүлктүк жана мүлктүк эмес укуктарга да ээ болушу ыктымал.

**7.5.** Банктын акционерлери төмөнкүлөргө милдеттүү:

7.5.1. Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында, ушул Уставда жана сатып алуу келишиминде каралган тартипте жана ыкмаларда, аларда белгиленген мөөнөттөрдө акцияларга төлөп берүүгө;

7.5.2. Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынын акционерлеринин укуктарын жана милдеттерин жөнгө салган мыйзам талаптарын, ушул Уставдын жоболорун так аткарууга, анын ичинде Банк ишине тиешелүү купуялуулуктун сакталышын да камсыз кылууга.

**7.6.** Акционерлердин жыйындарга катышуу жана өздөрүнө таандык акциялар аркылуу кандай болбосун маселе боюнча добуш берүү укугу, кайсыл бир жактар, мамлекеттик органдар же сот тарабынан чектелиши мүмкүн эмес.

**7.7.** Акционерлердин бузууга жол берилген укуктарын талаптагыдай калыбына келтирүү дегенден улам, ага Банктын тиешелүү органдарынын аракеттери (аракеттенбей коюусу) натыйжасында келтирилген мүлктүк чыгым ордун толук жаап берүү дегенди түшүнүү зарыл.

## 8. БАНКТЫН АКЦИЯЛАРЫН ЖАНА БАШКА БААЛУУ КАГАЗДАРДЫ ЖАЙГАШТЫРУУ. АКЦИОНЕРЛЕР РЕЕСТРИ

**8.1.** Акцияларды жана башка баалуу кагаздарды жайгаштыруу тартиби жана ыкмалары:

8.1.1. Банк уставдык капиталды көбөйтүү үчүн кошумча акцияларды чыгарууда акцияларды жайгаштырат.

8.1.2. Акциялрарды чыгаруу жыйынтыгын каттодон өткөртүүгө жана мурда чыгарылган акцияларды жайгаштырууга чейин, кошумча акцияларды чыгарууга жана жайгаштырууга жол берилбейт.

8.1.3. Банк ошондой эле, өздүк акцияларды чыгарууга жана күрөөгө алууга укугу жок.

8.1.4. Банк ачык түрдө жана жабык катталуу (жеке жайгаштыруу) аркылуу кошумча акцияларды жана башка баалуу кагаздарды жайгаштырууга укуктуу.

8.1.5. Банктын кошумча акцияларды жана башка баалуу кагаздарды жайгаштыруу ыкмасы, ушул Уставга жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык кабыл алынган чечим боюнча аныкталат.

8.1.6. Банктын уставдык капиталын көбөйтүү чечими аркылуу акциялар саны, аларды жайгаштыруу мөөнөттөрү жана шарттары, анын ичинде жайгаштыруу тартиби, ушул Уставга ылайык жайгаштырылган акцияларды сатып алууга артыкчылыктуу укукка ээ болгон акционерлер үчүн кошумча акциялар баасын белгилөө тартиби аныкталууга тийиш.

8.1.7. Акцияларды жайгаштыруу Банк Башкармасы тарабынан аныкталган баалуу кагаздар рыногунун кесипкөй катышуучусу (андеррайтери) тарабынан ишке ашырылат.

**8.2.** Акцияларга жана башка баалуу кагаздарга төлөө тартиби:

8.2.1. Банктын акцияларын жана башка баалуу кагаздарды сатып алууга төлөөлөр Кыргыз Республикасынын улуттук валютасы – сом менен накталай формада

гана ишке ашырылышы мүмкүн.

**8.3.** Акционерлер реестри:

8.3.1. Банктын акцияларын көз карандысыз негизде каттоо жана акционерлердин реестрин жүргүзүү адистештирилген реестр жүргүзүүчү жана Банк тарабынан ишке ашырылат.

8.3.2. Акционерлер реестринде реквизиттер, ошол катталган жактын (акционердин же акциялардын номиналдык ээсинин) атына жазылган акциялар саны жана категориялар, кайсыл күнү сатылып алынгандыгы тууралуу маалыматтар, ошондой эле Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган маалыматтар көрсөтүлүүгө тийиш.

8.3.3. Банк жана адистештирилген реестр жүргүзүүчү акционер же акциялардын номиналдык ээси ушул Уставдын жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзам талаптарына ылайык акционерлер реестрине киргизилген маалыматтарга өгөртүүлөр киргизилгендиги тууралуу реестр жүргүзүүчүгө маалымдабай коюшунан келип чыккан кесепеттер үчүн жоопкерчилик тартпайт.

8.3.4. Банктын акционерлеринин реестрине жазуулар акционердин же акциялардын номиналдын ээсинин талабы боюнча Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган документтер сунушталгандан кийинки үч күндөн кечиктирбестен чагылдырылууга тийиш.

8.3.5. Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган учурларды эске албаганда, акционерлер реестрине жазууларды чагылдыруудан баш тартууга жол берилбейт. Реестрге жазууларды чагылдыруудан баш тарткан учурда, ошол реестр жүргүзүүчү үч күндөн кечиктирбестен жазууларды чагылдырууну талап кылган жакка эмне үчүн баш тарткандыгы тууралуу негиздемелер камтылган билдирмени жөнөтүүгө тийиш.

8.3.6. Акционерлер реестрине жазууларды чагылдыруудан баш тартуу жагдайы боюнча Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган тартипте даттанууга жол берилет.

8.3.7. Реестр жүргүзүүчү акционердин жана алардын мыйзамдуу өкүлдөрүнүн, Банктын же анын расмий өкүлүнүн талабы боюнча Банктын тигил же бул акционерине таандык акциялар санын көрсөтүү менен реестрден көчүрмө алуу талабы түшкөндөн кийинки 5 (беш) жумуш күнү ичинде жана ал, ошол акционер тарабынан мурда ишке ашырылган бүтүмдөр боюнча маалымат алуу үчүн да зарыл болгон болсо, тиешелүү көчүрмөнү берүүгө милдеттүү. Банктын акционерлеринин реестринен көчүрмө баалуу кагаз болуп саналбаганы менен акционердин көчүрмө берүү учуруна карата акцияларга ээлек кылуу укугун тастыктайт.

8.3.8. Банктын акционерлеринин реестринен маалыматтар Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын алгачкы эле талабы боюнча реестр жүргүзүүчү тарабынан сунушталууга тийиш.

## 9. ТАЗА ПАЙДАНЫ БӨЛҮШТҮРҮҮ. ДИВИДЕНДДЕР

**9.1.** Банктын таза пайдасы (салыктарды төлөгөндөн кийинки) анын тескөөсүндө калат жана акционерлердин жалпы жыйынынын чечими боюнча дивиденд түрүндө акционерлер ортосунда бөлүштүрүлүп, Банктын келечектеги керектөөлөрү үчүн камдарга чегерилет жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына, ушул Уставга ылайык башка максаттарга жумшалат.

**9.2.** Банк таза пайданы бөлүштүрүү маселесинде толук чарбалык өз алдынчалыкка ээ.

**9.3.** Банкты өнүктүрүү максаттарына жетишүү, анын ичинде акционерлердин жалпы жыйынынын чечими боюнча таза пайданын эсебинен социалдык жактан өнүктүрүүнү камсыз кылуу үчүн тиешелүү максаттуу жана башка фондулар түзүлүшү мүмкүн. Ал эми аларды түзүү милдети жана мүмкүнчүлүгү Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралууга же ага каршы келбөөгө тийиш.

**9.4.** Банктын өткөн жыл үчүн таза пайдасынын бөлүгү дивиденд болуп саналат, алар Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актыларынын талаптары так сакталган шартта, тиешелүү категориялардагы акцияларга ээ болгон акционерлер ортосунда пропорционалдуу негизде бөлүштүрүлөт.

**9.5.** Банк акционерлерге жөнөкөй акциялар боюнча дивиденддердин төлөнүшүн гарантиялабайт.

**9.6.** Банк жайгаштырылган акциялар боюнча дивиденддерди төлөө чечимин жылына бир жолу кабыл алат (жарыялайт). Дивиддендер өлчөмү алардан салыктарды эске алуусуз жарыяланат.

**9.7.** Акционер Банктын пайдасы үчүн дивидендди алуудан баш тарткан учурларды эске албаганда, Банк жарыяланган дивиденддерди төлөп берүүгө милдеттүү.

**9.8.** Дивиденддер акционерлердин макулдугу менен акча каражаты же башка мүлк түрүндө төлөнөт.

**9.9.** Таза пайдадан 25 пайыздан көбүрөөк өлчөмдө дивиденддерди төлөө жана аны төлөө формасына тиешелүү чечим акционерлердин жалпы жыйынында кабыл алынат.

**9.10.** Дивиденттер өлчөмү Директорлор кеңеши сунуштагандан көп болбоого тийиш.

**9.11.** Акционерлердин жалпы жыйыны Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында жана ушул Уставда белгиленген шартта гана акциялар боюнча дивиденддерди төлөбөй коюу чечимин кабыл алууга укуктуу.

**9.12.** Банк дивиденддерди төлөө (жарыялоо) чечимин кабыл алууга укугу жок, ал эми Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы республиканын мыйзамдарында каралган учурларда дивиденддерди төлөөгө тыюу салууга же чектөөлөрдү белгилөөгө укуктуу.

**9.13.** Толук төлөнбөгөн, жүгүртүүгө чыгарылбаган акциялар боюнча дивиденддер чегерилбейт, анын ичинде Директорлор кеңешинин чечими боюнча да дивиденддер төлөнүп берилбейт.

**9.14.** Банк дивиденддер өлчөмүн салыктарды эске алуусуз аныктайт. Дивиденддер тиешелүү салыкты эсептеп кармап калуу менен төлөнүүгө тийиш.

**9.15.** Дивиденддерди төлөө күнү акционерлердин жалпы жыйынынын чечими боюнча аныкталат жана алар мындай чечим кабыл алынгандан эрте (мурда) эмес жана чечим кабыл алынгандан 120 (жүз жыйырма) күн өткөндөн кийин төлөнүп берилет.

**9.16.** Банктын Директорлор кеңеши дивиденддерди төлөө үчүн дивиденд алууга укуктуу болгон жактардын (акционерлердин) тизмесин бекитет.

**9.17.** Эгерде Банк тарабынан дивиденддерди төлөө күнү аныкталбаса, анда чечим кабыл алынгандан кийинки 120-күн дивиденддерди төлөө күнү болуп эсептелинет.

## 10. БАНКТЫН КАРДАРЛАР МЕНЕН МАМИЛЕСИ

**10.1.** Юридикалык жактарга жана жеке адамдарга банктык кызмат көрсөтүүлөр келишимдин жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзам жоболорун эске алуу менен өнөктөштүк принцибинин негизинде ишке ашырылат.

**10.2.** Ачык маалыматтар банктык тейлөөнүн жалпы шарты болуп саналат жана ал кардардын биринчи эле талабы боюнча сунушталуучу маалыматтардын коммерциялык жана банктык купуя сыр предметинен болушу мүмкүн эмес.

**10.3.** Жалпы төлөө шарттарына өзгөртүүлөр киргизилген учурда Банк ал тууралуу кардарларга Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган тартипте же Банк менен кардар ортосунда түзүлгөн келишим шарттарына ылайык маалымдоого тийиш.

**10.4.** Банк акча каражаттарынын жана кардарлар, корреспонденттер ага ишенип берген башка баалуулуктардын сакталышын камыз кылууга тийиш. Баалуулуктардын сакталышы Банктын бардык кыймылдуу жана кыймылсыз мүлкү менен гарантияланат.

**10.5.** Банк, эл аралык банктык тажрыйбада колдонулуп жаткан эсептешүүлөр системасын Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарына ылайык колдонууга укуктуу.

**10.6.** Банк, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан белгиленген, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган милдеттүү ченемдерге ылайык өз балансынын түзүмүн жөнгө салуу аркылуу алган милдеттенмелеринин өз учурунда жана толук аткарылышына даярдыгын туруктуу контролдукка алып турууга тийиш.

**10.7.** Банк, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык банктык купуя сырдын акционерлер, Директорлор кеңешинин мүчөлөрү, Шариат кеңешинин мүчөлөрү, Банк Башкармасынын мүчөлөрү, Банктын кызматкерлери, ошондой эле келишимдик жана башка негиздер боюнча Банк менен байланыштуу болгон башка жактар тарабынан ишенимдүү сакталышын гарантиялоо менен бирге эле, купуя маалыматтардын үчүнчү жакка чечмеленип берилбей тургандыгын жана аларга маалым болгон, Банк менен кардар, Банк менен анын корреспонденттери ортосунда түптөлгөн иш процессинде маалым болгон кандай болбосун маалыматтарды Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган негиздерди эске албаганда, өз кызыкчылыгында пайдаланууга тийиш эместиги шартын так сактоого кепилдик берет.

**10.8.** Банктык сырды камтыган маалыматтар Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында аныкталган тартипте гана үчүнчү жактарга сунушталууга тийиш.

## 11. БАШКАРУУ ЖАНА КОНТРОЛДОО ОРГАНДАРЫНЫН ТҮЗҮМҮ

**11.1.** Банктын башкаруу органынан болуп төмөнкүлөр саналат:

- Жогорку башкаруу органы – Банктын акционерлеринин жалпы жыйыны;
- Байкоочу органы – Банктын Директорлор кеңеши;
- Аткаруу органы – Банк Башкармасы;

**11.2.** Банктын ички контролдоо системасынын шайкештигине жооп берген органдардан болуп, төмөнкүлөр саналат:

- Банктын Директорлор кеңеши;
- Банк Башкармасы;
- Аудит боюнча комитет;
- Тобокелдиктерди тескөө комитети;
- Ички аудит башкармалыгы;
- Комплаенс-контролдоо башкармалыгы;
- Тобокелдик менеджменти башкармалыгы.

**11.3.** Акционердик коомдун банкрот абалында калышына алып келген же канааттандыраарлыксыз иши, абройго шек келтирген аракеттери же анын кызмат адамдарынын укук бузууга жол бериши акциялардын мамлекеттик топтомуна ээ болгон Банктын башкаруу органына шайланууга мүмкүнчүлүгү жок.

**11.4.** Банк өзүнүн саясатынын, бүтүмдөрүнүн жана стандарттык келишимдеринин Шариат стандарттарына шайкеш келишин камсыз кылуу үчүн жооптуу Шариат кеңеши түзүлөт.

## 12. БАНКТЫН АКЦИОНЕРЛЕРИНИН ЖАЛПЫ ЖЫЙЫНЫ

**12.1.** Төмөнкү маселелерди кароого алуу акционерлердин жалпы жыйынынын компетенциясына гана кирет:

1) Бантын Уставына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү же Уставдын жаңы редакциясын бекитүү;
2) Корпоративдик башкаруу кодексин, ошондой эле ага карата өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду бекитүү;
3) Банкты өзгөртүп түзүү, өз эрки боюнча жоюу, жоюучуну дайындоо жана Банк өз эрки боюнча жоюлган шартта, анын жоюу балансын бекитүү;
4) Банктын жүгүртүүдөгү акцияларынын санын өзгөртүү (көбөйтүү же азайтуу), ошондой эле акцияга конвертирленүүчү баалуу кагаздарды чыгаруу чечимин кабыл алуу;

5) Банк тарабынан кошумча чыгарылган акцияларды же акцияга конвертирленүүчү баалуу кагаздарын жабык түрдө жайгаштыруу чечимин кабыл алуу;

6) Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзам талаптарына ылайык, акционердин Банктын акцияларын же акцияга конвертирленүүчү баалуу кагаздарды сатып алууга артыкчылыктуу укукту колдонбоого тийиш экендиги тууралуу чечимди кабыл алуу;

7) Наркы Банктын мына ушундай бүтүмгө келлишүү чечимин кабыл алынган күнгө карата активдеринин балансстык наркынын 20 же андан жогору пайызы чегинде ири бүтүмдөргө келишүү чечимин, ошондой эле аффилирленген жана байланыштуу жактар менен өлчөмү Банктын таза суммардык капиталынын 14 пайызынан көбүрөөктү түзгөн кредиттерди жана аларды алмаштыруучуларды кошо алганда, заралчылыкка жараша бүтүмдөргө келишип, башка банктык операцияларды жүргүзүү чечимин кабыл алууга;

8) Банктын жылдык бюджетин, жылдык отчеттоорун, балансстарын, түшкөн пайдасынын жана кеткен чыгым эсебин, пайданы жана чыгымды бөлүштүрүү шартын бекитүү;

9) Банктын Директорлор кеңешинин мүчөлөрүн шайлоо;

10) Банктын Директорллор кеңешинин мүчөлөрүнө сыйакы жана ордун толуктап берүү (компенсация) өлчөмүн бекитүү;

11) Банктын Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу чечимин кабыл алуу;

12) Банктын Уставында каралбаган камдарды жана башка фондуларды пайдалануу;

13) таза пайданын 25 пайызынан көбүрөөк өлчөмдө дивиденттерди төлөө жана анын тартибине тиешелүү чечимдерди кабыл алуу;

14) мурдагы акционерлердин жалпы жыйыны тарабынан кабыл алынган, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзам талаптарына каршы келген жоболорду алып салуу тууралуу чечимдерди кабыл алуу;

15) Директорлор кеңешинин сунушу боюнча аудитордук уюмду бекитүү жана аудитордук уюмдун кызмат көрсөтүүсүнө төлөө өлчөмүн аныктоо;

16) Банктын Шариат кеңешинин мүчөлөрүн шайлоо;

17) Банктын Шариат кеңешинин мүчөлөрүнүн эмгек акы өлчөмүн жана аларды төлөө шарттарын аныктоо;

18) Банктын Шариат кеңешинин мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу чечимин кабыл алуу;

19) эсептөө комиссиясынын курамын бекитүү;

20) алардын суммардык номиалдык наркы ошол баалуу кагаздарды чыгаруу чечими кабыл алынган күнгө карата коомдун активдеринин балансстык наркынын 50 жана андан көп пайызын түзгөн акцияга конвертирленбеген облигацияларды, эл аралык облигацияларды жана башка баалуу кагаздарды чыгаруу чечимин кабыл алуу;

21) Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдары жана Банктын уставы аркылуу акционерлердин жалпы жыйынынын компетенциясына чегерилген башка маселелерди чечүү;

Банктын акционерлеринин жылдык жалпы жыйынынын компетенциясына төмөнкү маселелер кирет:

22) Жылдык бюджетти, жылдык отчетторду, Банк Башкармасынын отчетун, жылдык балансы, түшкөн пайда жана кеткен чыгым эсебин бекитүү, түшкөн пайданы жана чыгымдарды белүштүрүү чечимин кабыл алуу;

23) Банктын Директорлор кеңешинин мүчөлөрүн шайлоо;

24) күн тартибине киргизилген башка маселелерди чечүү;

**12.2.** Банктын акционерлеринин жалпы жыйынынын компетенциясына кирбеген маселелер Директорлор кеңешинин же Банк Башкармасынын кароосуна сунушталышы мүмкүн;

**12.3.** Банктын акционерлеринин жалпы жыйыны өз ишин Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына жана ушул Уставга ылайык, анда каралган тартипте жана шарттарда жүзөгө ашырылат;

**12.4.** Акционерлердин жалпы жыйыны тарабынан чечимдерди кабыл алуу тартиби:

- ушул Уставдын 12.1.-пунктунун 1-7-пунктчаларында көрсөтүлгөн маселелер боюнча чечимдер ,добуш берүүгө ыйгарым укук чегерген акциялардын жалпы санынын кеминде үчтөн экиисине ээлик кылуучулардын көпчүлүк добушу менен кабыл алынат;
- ушул Уставдын 12.1.-пунктунун 8, 10-15, 17-21-пунктчаларында көрсөтүлгөн маселелер боюнча чечимдер жыйынга катышкан, добуш берүгө ыйгарым укук чегерген акция ээлеринен болгон акционерлердин кеминде үчтөн экиси тарабынан кабыл алынат;
- ушул Уставдын 12.1.-пунктунун 9 жана 16-пунктчаларында көрсөтүлгөн маселелер (Директорлор кеңешинин мүчөлөрүн, Шариат кеңешинин мүчөлөрүн шайлоо) кумулятивдик добуш берүү аркылуу кабыл алынат;

Кумулятивдик добуш берүү учурунда Банктын ар бир жөнөкөй акциясына Директорлор кеңешиндеги орундардын жалпы санына барабар болгон добуштар саны туура келүүгө тийиш. Акционер өзүнө тиешелүү акциялар боюнча добушун бир талапкер үчүн же болбосо аларды Директорлор кеңешинин мүчөлүгүнө талапкер болгондорго бөлүштүрүүгө укуктуу.

Банктын Директорлор кеңешинин курамындагы орундардын санына барабар көпчүлүк добушту алган талапкер, Директорлор Кеңешинин курамына шайланган катары эсептелинет.

Кумулятивдик добуш берүү учурунда Банктын ар бир жөнөкөй акциясына Директорлор кеңешиндеги орундардын жалпы санына барабар болгон добуштар саны туура келүүгө тийиш. Акционер өзүнө тиешелүү акциялар боюнча добушун бир талапкер үчүн же болбосо аларды Шариат кеңешинин мүчөлүгүнө талапкер болгондорго бөлүштүрүүгө укуктуу.

Банктын Шариат кеңешинин курамындагы орундардын санына барабар көпчүлүк добушту алган талапкер, Шариат кеңешинин курамына шайланган катары эсептелинет.

- Калган маселелер боюнча чечимдер жыйынга катышкан акция ээлери – акционерлердин жөнөкөй көпчүлүк добушу менен кабыл алынат.

**12.5.** Акционерлердин бардыгы – Банктын жөнөкөй акцияларынын ээлери толук

катышкан жыйында бир добуштан карама-каршы чечим кабыл алынбаган болсо, акционерлердин жалпы жыйыны күн тартибине кошулбаган маселелер боюнча чечим кабыл алууга укугу жок. Жыйын белгиленген мөөнөттөн мурда өткөрүлүп же жыйынга чакыруу билдирмеси учурунда жөнөтүлбөгөн болсо да жыйында кабыл алынган чечим бир добуштан кабыл алынган шартта гана юридикалык күчкө ээ болот.

**12.6.** Банк акционерлердин жылдык жалпы жыйынын Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында белгиленген мөөнөттө, бирок аудитордук отчетту алгандан эрте эмес, жыл сайын өткөрүп турууга милдеттүү. Акционерлерди жылдык жыйынын өткөрүүнүн айкын күнү Директорлор кеңешинин чечими менен аныкталат. Жылдык жалпы жыйын Банктын Директорлор кеңеши тарабынан чакырылат.

**12.7.** Акционерлердин жылдык жалпы жыйынынан тышкары бардык жыйындар кезексиз болуп саналат.

**12.8.** Акционерлердин кезексиз жалпы жыйыны төмөнкүлөрдүн негизинде Директорлор кеңешинин чечими боюнча өткөрүлөт:
- алардын өзүнүн демилгеси;
- Банк Башкармасынын талабы;
- Банктын добуш берүүгө укук чегерген акцияларынын кеминде 10 пайызына ээлик кылган акционердин (акционерлердин) талабы;
- Кыргыз Республикасынын баалуу кагаздар боюнча мыйзам талабы бузууга жол берилген шартта өлкөнүн баалуу кагаздар рыногунун ишин жөнгө салган ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын талабы боюнча;
- Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган учурда, жөнгө салуучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын талабы боюнча.

**12.9.** Банктын Директорлор кеңешинин чечими менен акционерлердин кезексиз жалпы жыйынын өткөрүү формасы (акционерлердин катышуусу менен же сурамжылоо аркылуу) аныкталууга тийиш.

**12.10.** Сурамжылоо аркылуу жалпы жыйынды өткөрүү тартиби Кыргыз Республикасынын колонуудагы мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт.

**12.11.** Акционерлердин жалпы жыйынын өткөрүү тартиби, регламенти жана башка жол жоболору ушул Уставда жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында белигиленүүгө тийиш.

**12.12.** Акционерлердин жалпы жыйынынын отурумунан протоколдор Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында белгиленген иш кагаздарын жүргүзүү тартибине ылайык толтурулат. Протоколдорго жыйындын төрагасы жана катчы же болбосо аларды алмаштырган адамдар кол коюушуп, коомдун мөөрү менен күбөлөндүрүлүүгө тийиш.

## 13. БАНКТЫН ДИРЕКТОРЛОР КЕҢЕШИ

**13.1.** Банктын Директорлор кеңеши бардык акционерлердин атынан иш алып барып, Банк ишин стратегиялык башкарууну жүзөгө ашырып тобокелдиктерди тескөө жана ички контролдук системасын уюштуруунун негизги принциптерин жана ыкмаларын аныктап, Банк Башкармасынын ишин контролдукка алып, ошондой

эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген башка негизги функцияларды аткарат.

**13.2.** Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдары жана ушул Устав аркылуу Банктын акционерлеринин жалпы жыйынынын гана компетенциясына чегерилген маселелерди эске албаганда, Банк ишине жалпы жетекчиликти камсыз кылуу боюнча маселелерди чечүү Банктын Директорлор кеңешинин компетенциясына кирет.

**13.3.** Төмөнкү маселелер Банктын Директорлор кеңешинин гана компетенциясына кирет:

1) Банктын стратегиляк иш максаттарын аныктоо жана анын саясаттарын иштеп чыгуу, ошондой эле алардын Банк Башкармасы тарабынан аткарылышына контролдук кылуу;
2) Натыйжалуу иш алып барган Банк Башкармасын түзүү;
3) Акционерлердин жылдык жана кезексиз жалпы жыйындарын өткөрүүнү демилгелөө;
4) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген учурларды эске албаганда, акционерлердин жалпы жыйынынын күн тартибин түзүү жана бекитүү, ошондой эле жалпы жыйынга даярдануу жана аны өткөрүүгө байланыштуу башка маселелерди чечүү;
5) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларды эске албаганда, Банктын ички документтерин, аларга карата өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду кабыл алуу жана бекитүү;
6) Аудит боюнча комитеттин, Дайындоолор жана сыйакы боюнча комитеттин, Тобокелдиктерди тескөө комитетинин мүчөлөрүн дайындоо;
7) Банк Башкармасын төрагасын жана анын мүчөлөрүн дайындоо/шайлоо, иштен бошотуу жана алардын ыйгарым укуктарын токтотуу;
8) Банк Башкармасынын төрагасынын жана анын мүчөлөрүнүн эмгек акы өлчөмүн жана аларды төлөө шарттарын аныктоо;
9) Банк Башкармасынын мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу чечимин кабыл алуу;
10) “Банк Башкармасы жөнүндө” жобону бекитүү;
11) Акциялар боюнча дивиденд өлчөмүн жана аларды төлөө тартиби боюнча сунуш көрсөтмөлөрдү даярдоо;
12) Банктын филиалдарын жана өкүлчүлүктөрүн түзүү жана/же жабуу чечимин кабыл алуу;
13) Акционерлердин жалпы жыйынынын кароосуна жүгүртүүдөгү акциялар өлчөмү, алардын санын көбөйтүү же азайтуу шарттары тууралуу көрсөтмө берүү;
14) Акционерлердин жалпы жыйынынын кароосуна материалдарды даярдоо;
15) Акционерлердин жалпы жыйынынын чечимдеринин аткарылышына контролдук;
16) Корпоративдик катчыны дайындоо;
17) Банкын ички контролдук системасын уюштуруу;

18) Банктын Дайындоолор жана сыйакылар боюнча комитетинин сунуш-көрсөтмөсүнө ылайык, Банктын ички контролдук, тобокелдик менеджмент, комплаенс-контролдоо башкармалыктарынын жетекчилерин жана курамын бекитүү, алардын эмгек акысы шарттарын жана өлчөмүн аныктоо, ошондой эле бөлүмдөрдүн иши жөнүндө жоболорду бекитүү;

19) Банктын Директорлор кеңеши тарабынан аныкталган негизги кызмат орундарына талапкерлерди макулдашуу;

20) Банктын уюштуруу түзүмүн бекитүү;

21) Банк Башкармасынын мүчөлөрүнө, ички контролдук, тобокелдик менеджмент башкармалыгы менеджмент, комплаенс-контролдоо башкармалыктарынын кызматкерлерине, ошондой эле Банктын негизиги иш багыттары үчүн жоoп бреген кызматкерлерге сыйакылар боюнча ички ченемдик актыларды бекитүү;

22) Банктын аткаруу органдарынын жана кызмат адамдарынын ишин текшерүү жана алардын жыйынтыгы боюнча чараларды көрүү;

23) Банктын активдеринин баланстык наркынын 5 пайызынан 20 пайызына чейинки суммадагы бүтүмдөргө, ошондой эле Банктын аффилирленген жана ага байланыштуу жактар менен бүтүмдөргө келишүү чечимдерин кабыл алуу. Ал эми ошол операцияларды жүзөгө ашыруу тартиби жана алардын өлчөмү Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдырынын жана Банктын ички ченемдик актыларынын талаптарына ыйлайык аныкталат;

24) Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын инспектордук текшерүүлөрүнүн, тышкы, ички аудиторлордун, эсептөө палатасынын жана мамлекеттик контролдоочу башка органдардын Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык ишке ашырган текшерүүлөрүнүн жыйынтыгын кароого алуу жана алар боюнча чара көрүү;

25) Банктын башка уюмдарга, холдингдик компанияларга, финансылык-өндүрүштүк топторго, башка коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдарга катышуусу тууралуу чечимдерди кабыл алуу;

26) "АБанк" ААКсынын бюджет түзүү жөнүндө” Жобону, ага карата өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду бекитүү;

27) Банктын Шариат кеңешине макулдашуунун негизинде шариат стандарттарынын сакталышын контролдоо боюнча түөзүмдүк бөлүмдүн жетекчисин жана ошол бөлүмдүн курамын дайындоо жана иштен четтетүү, алардын эмгегине төлөө шарттарын жана өлчөмүн, Банктын Дайындоолор жана сый акыларды төлөө комитетинин сунуш көрсөтмөсү боюнча ошол бөлүм жөнүндө жобоу бекитүү;

28) аудитордук уюмду жана ал уюмдун кызмат көрсөтүүлөрүнө төлөө өлчөмүн аныктоо;

29) алардын суммардык номиалдык наркы ошол баалуу кагаздарды чыгаруу чечими кабыл алынган күнгө карата коомдун активдеринин баланстык наркынын 50 жана андан көп пайызын түзгөн акцияга конвертирленбеген облигацияларды, эл аралык облигацияларды жана башка баалуу кагаздарды чыгаруу чечимин кабыл алуу;

**13.4.** Банктын Директорлор кеңешинин компетенциясына гана чегерилген маселелер аткаруу органдарынын кароосуна өткөрүлүп берилиши мүмкүн

эмес. Директорлор кеңешинин чечими добуш берүү формасына карабастан, добушка катышкан кеңеш мүчөрүнүн көпчүлүк добушу менен кабыл алынат.

**13.5.** Банктын Директор кеңеши ошондой эле Уставдын 13.3-пунктунда көрсөтүлбөгөн, бирок Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, ушул Устав, башка ички ченемдик актылар аркылуу анын компетенциясына чегерилген маселелер боюнча да чечим кабыл алынат.

**13.6.** Банктын Директорлор кеңеши операцияларды/бүтүмдөрдү (атап айтканда операциялардын/бүтүмдөрдүн түрүнө жана өлчөмүнө жараша аларды макулдашуу, операцияларды/бүтүмдөрдү жүзөгө ашыруу тартибинин сакталышына контролдук, ишке ашырылган операциялардан/бүтүмдөрдөн улам келип чыккан натыйжалар үчүн жооп берүү) ишке ашыруу жана макулдашуу тартибин жөнгө салган ички ченемдик документтерди бекитет, ошондой эле алардын ишке ашырылышына контролдукту камсыз кылат.

**13.7.** Кеңеш төмөнкүдөй комитеттерди түзөт:

- Аудит боюнча комитет;

- Тобокелдиктерди тескөө комитети;

- Дайындоолор жана сыйакылар боюнча комитет.

**13.8.** Банктын Директорлор кеңеши ишкердик саясатын жүзөгө ашыруу максатында укуктук статусу Директорлор кеңеши тарабынан бекитилген тиешелүү жоболордо аныкталган консультациялык кеңештерди, комитеттерди түзүүгө укуктуу.

**13.9.** Банктын Директорлор кеңеши так эмес сандагы кеминде беш мүчөдөн турат.

**13.10.** Банктын Директорлор кеңешинин мүчөлөрү акционерлердин жалпы жыйыны тарабынан төрт жылдык мөөнөткө шайланат.

**13.11.** Иштөөгө толук жөндөмдүү, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан белгиленген талаптарга жооп берген жеке адамдар гана Банктын Директорлор кеңешинин мүчөсүнөн боло алат.

**13.12.** Директорлор кеңешинин кеминде бир мүчөсү Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тилин билген жана/же расмий тилде сүйлөгөн жараны болууга тийиш.

**13.13.** Директорлор кеңешинин курамынын кеминде үчтөн бири көз карандысыз мүчөдөн турууга тийиш.

**13.14.** Төмөнкүлөр Директорлор кеңешинин мүчөсү боло албайт.

1) Банк Башкармасынын мүчөсү болуп саналган же Банкта башка кызмат ордун ээлегендер;

2) Башка банктын кызмат адамы же олутту акционеринен болгондор, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын көзөмөлдүгүнө алынган банк эмес финансы-кредит уюмунун кызмат адамы болгондор;

3) Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан белгиленген талаптарга жооп бербеген, ошондой эле мыйзамдарга же соттук чечимиге ылайык аларга мындай кызматтарды ээлөөгө тыюу салынган жактар.

**13.15.** Банктын Директорлор кеңешинин курамында кворумга таасир этпеген бош орун пайда болгон шартта акционерлердин кийинки жалпы жыйынында Директорлор кеңешинин жетпей жаткан мүчөсү шайланат.

**13.16.** Банктын Директорлор кеңешинин кворумга таасир эте албаган, бирок анын натыйжасында Директорлор кеңешинин көз карандысыз мүчөлөрүнүн үчтөн бири курамында болушу талабы Банк тарабынан бузууга жол берилген шартта, Директорлор кеңеши бош орун пайда болгондон кийинки 10 (он) жумуш күнү ичинде акционерлердин кезексиз жалпы жыйынын чакыруу чечимин кабыл алууга жана анда Директорлор кеңешинин жетпей жаткан сандагы көз карандысыз мүчөлөрү шайланууга тийиш.

**13.17.** Банктын Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулушу натыйжасында анын курамы белгиленген кворум санына чейин азайган шартта, кеңеш мүчөлөрүнүн ыйгарым укугу токтотулгандан кийинки 5 (беш) жумуш күнү ичинде Директорлор кеңешинин жаңы курамын түзүү үчүн акционерлердин кезексиз жалпы жыйынын чакыруу чечими кабыл алынууга тиийиш.

**13.18.** Акционерлердин жалпы жыйынынын чечими жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын талабы боюнча Директорлор кеңешинин кайсыл болбосун мүчөсүнүн (бардык мүчөлөрүнүн) ыйгарым укуктары Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган негиздер боюнча мөөнөтүнөн мурда токтолушу мүмкүн.

**13.19.** Банктын Директорлор кеңешинин мүчөсү Директорлор кеңешинин төрагасына тиешелүү кат жүзүндөгү өтүнүч менен кайрылып, кайсыл болбосун убакытта ыйгарым укугун өз эрки менен тапшырууга укуктуу.

**13.20.** Банктын Директорлор кеңешинин мүчөсү жеке кызыкчылыгы камтылган маселелер боюнча талкуулага жана добуш берүүгө катыша албайт.

**13.21.** Банктын кеңешинин мүчөлөрү:

- ыйгарылган милдеттерди аткарууда Банкка чын дилинен берилген ишенимин сактап, анын таламын коргоо үчүн бардык күч-аракетин жумшап, алгылыктуу банктык тажрыйбаны жайылтууну камсыз кылууга;
- Башкарманын мүчөсү же атаандаш башка финансы-кредит уюмунун жетекчи кызмат адамы катары иш алып барбоого;
- Мамлекеттик кызматкер болбоого;
- Банк ишине тиешелүү маселелер боюнча чечим кабыл алууда объктивдүүлүктү сактап, жеке кызыкчылыгы же башка кызмат адамдарынын, уюштуруучулардын, акционерлердин таламында эмес, Банктын таламында иш алып барууга тийиш.

**13.22.** Банктын Директорлор кеңеши өз ишин Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында, ушул Уставда, Банктын акционерлеринин жалпы жыйыны тарабынан бекитилген “Банктын Директорлор кеңеши жөнүндө” жободо, Корпоративдик башкаруу кодексинде аныкталган тартипте жана шарттарда гана жүргүзөт. Директорлор кеңешинин отурумдарын өткөрүү, чечимдерди кабыл алуу тартиби кеңештин кайсыл болбосун мүчөсүн шайлоо же алардын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу, кеңештин иш регламенти жана башка жол-жоболор боюнча маселелер “Директорлор кеңеши жөнүндө” жобого, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ишке ашырылат.

**13.23.** Банктын Директорлор кеңешин анын мүчөлөрүнүн ичинен көпчүлүк добуш менен шайланган төрага жетектейт.

**13.24.** Банктын Директорлор кеңешинин төрагасы:

1) Банктын Директорлор кеңешинин ишин уюштурат;

2) Бардык эл аралык уюмдарда, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик жана башкаруу органдарында, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкында жана башка мекемелерде жана уюмдарда Банктын таламында иш алып барат;

3) Банктын стратегиялык ишинин пландаштырылышын тескөөгө алат;

4) Банк ишинин маанилүү көрсөткүчү боюнча контролдоо функциясын аткарат;

5) Директорлор кеңешинин отурумун өткөрүүнү демилгелейт жана зарылчылык келип чыккан шартта, кеңештин аралыктан туруп добуш берүүсүн уюштурат. Ал эми, мына ушундай ыкмада кабыл алынган чечимдер Директорлор кеңешинин кезектеги отурумунда тастыкталууга тийиш;

6) отурумдардан протокол толтурулушун уюштурат;

7) Банк Башкармасынын мүчөлөрү менен келишимдерди/контрактыларды түзөт (кайрадан түзөт);

8) ички аудит, тобокелдик менеджмент, комплаенс-контролдоо башкармалыктарынын жетекчилери жана кызматкерлери, корпоративдик катчы менен келишимдерди/контрактыларды түзөт (аларды жаңыртат);

9) Директорлор кеңеши кабыл алган чечимдерге, токтомдорго жана протоколдорго, ошондой эле кеңештин ишине тиешелүү маселелер боюнча буйрууларга кол коет;

10) Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында, ушул Уставда жана Банктын башка ички документтеринде каралган башка милдеттерди аткарат.

**13.25.** Банктын Директорлор кеңешинин төрагасы кеңештин мүчөсүнүн ыйгарым укуктарын токтоткон шартта, ал тууралуу Директорлор кеңешинин башка мүчөлөрүнө да маалымдоого милдеттүү.

**13.26.** Банктын Директорлор кеңешинин отуруму зарылчылыкка жараша, бирок айына кеминде бир жолу өткөрүлүп турууга тийиш. Кеңештин отурумун өткөрүү жана чечим абыл алуу үчүн Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнүн кеминде 2/3 катышуусу талап кылынат. Добуштар бирдей чыгып калган шартта төраганын добушу чечүүчү мааниге ээ болот. Кеңеш мүчөлөрүнүн бири өз добушун экинчисине өткөрүп беришине тыюу салынат.

**13.27.** Директорлор кеңешинин отурумунан протоколдор белгиленген тартипке ылайык толтурулууга тийиш. Протоколдорго Директорлор кеңешинин төрагасы жана анда көрсөтүлгөн маалыматтын тактыгы жана протоколдун талаптагыдай түзүлүшү үчүн жооп берген корпоративдик катчы же отурумдун жүрүшүндө аларды алмаштырган адамдар кол коюга тийиш.

Эгерде Банктын Директорлор кеңешинин мүчөсү отурумга катыша албай калса, ал толтурулган протокол жана кабыл алынган чечимдер менен кол коюп берүү аркылуу таанышып чыгууга милдеттүү. Директорлор кеңешинин ар бир мүчөсү отурумдарда кабыл алынган чечимдер үчүн жеке жоопкерчиликтүү болуп саналат. Эгерде кеңештин мүчөсүнүн пикири боюнча кабыл алынып жаткан чечим Банктын финансылык туруктуулугуна жана стабилдүүлүгүнө, аманатчылардын жана башка кредиторлордун укуктарына жана мыйзамдуу таламдарына коркунуч келтириши ыктымал болсо, ал тууралуу Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына

маалымдоого тийиш.

**13.28.** Протоколдо төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

- отурум өткөрүлүүчү жер жана убактысы;
- отурумга катышуучулар;
- отурумдун күн тартиби;
- кабыл алынган чечим.

## 14. ШАРИАТ КЕҢЕШИ

**14.1.** Шариат кеңеши ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды ишке ашырууда Бантын Шариат стандарттарына ылайык саясаттарды жүргүзүүсү, типтүү келишимдерди түзүү, продукттар, бүтүмдөр шарттарын иштеп чыгуу үчүн жооп берген коллегиалдуу орган болуп саналат.

**14.2.** Шариат кеңеши 3 (үч) мүчөдөн турат. Шариат кеңешинин мүчөлөрү кызмат адамы болуп саналат жана Кыргыз Республиткасынын колдонуудагы мыйзамдарында белгиленген талаптарга толук жооп берүүгө тийиш.

**14.3.** Шариат кеңеши Банктын акционерлеринин жалпы жыйыны тарабынан 5 (беш) жылдык мөөнөткө түзүлөт жана ар бир жылдык жыйын алдында отчет берип турат.

**14.4.** Иштөөгө толук жөндөмдүү жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзам талаптарына толук жооп берген жеке адамдар Шариат кеңенинин мүчөсү боло алат.

**14.5.** Шариат кеңешинин кеминде бир мүчөсү Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана/же расмий тилди жакшы билген жараны болууга тийиш.

**14.6.** Шариат кеңешинин кеминде үчтөн бири анын көз карандысыз мүчөсүнөн болууга тийиш.

**14.7.** Шариат кеңеши өз ишин Банктын Директорлор кеңеши тарабынан бекитилген “Банктын Шариат кеңеши жөнүндө” жобого ылайык жүзөгө ашырат. Эгерде Банктын ислам банк иши жана каржылоо принцибине ылайык ишке ашырылган иш багытына тиешелүү активдер үлүшү баланс валютасынын 50% ашып кете турган болсо, “Банктын Шариат кеңеши жөнүндө” жобо акционерлердин жалпы жыйыны тарабынан бекитилет.

**14.8.** Шариат кеңешинин компетенциясына төмөнкү маселелер кирет:

14.8.1. ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүргүзүүдө келип чыгышы ыктымал болгон тоблокелдиктерди аныктоо, контролдоо жана аларга мониторинг жүргүзүү шарттарын аныктоо максатында Банктын каржылоо саясатын, операциялык иш жана эсепке алуу саясаттарын, башка негизги саясаттарын бекитүү;

14.8.2. ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүргүзүү боюнча бардык продукттар, типтүү келишимдер шарттарын.

**14.9.** Шариат ткеңешинин статусу, иш максаттары, милдеттери, ыйгарым укуктары “Банктын Шариат кеңеши жөнүндө” жободо белгиленет.

## 15. БАНК БАШКАРМАСЫ

**15.1.** Банк Башкармасы Банктын күндөлүк ишине жетекчиликти жүзөгө ашырат. Банктын Директорлор кеңешинин жана акционерлердин жалпы жыйынынын компетенциясына кирбеген төмөнкү маселелерди чечүү Банк Башкармасынын компетенциясына кирет:

1) Банктын оперативдүү ишин уюштуруу жана ага жетечиликти жүзөгө ашыруу;

2) Эгерде алар Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына каршы келбей турган болсо, акционерлердин жалпы жыйынынын жана Директорлор кеңешинин чечимдеринин аткарылышын уюштуруу жана камсыз кылуу;

3) Директорлор кеңешине Банктын ички контролдук системасынын шайкешигине кылдат баа берилген талдап иликтөөлөрдү, ошондой эле ички контролдук системасын өркүндөтүү боюнча сунуштарды берүүгө (жылына кеминде бир жолу);

4) Банктын активдерин жана пассивдерин тескөө маселесин кароого алуу, эсептешүүлөрдү уюштуруу жана жүргүзүү, Банк операцияларын жүзөгө ашыруу, Банк ичинде эсепке алууну жана контролдукту камсыз кылуу, Банктын мүлкүнүн ишенимдүү сакталышын камсыз кылуу, ошондой эле күндөлүк иштен улам келип чыккан маселелерди чечүү;

5) Филиалдардын жана өкүлчүлүктөрдүн, ошондой эле Банктын башка түзүмдүк бөлүмдөрүнүн ишине күнүмдүк жетекчиликти жүзөгө ашырууга байланыштуу келип чыккан маселелерди чечүү;

6) Иш процессинин сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрүнүн негизинде эмгекке төлөө системасын аныктоо жана бекитүү;

7) Ички ченемдик актылардын (аларды кабыл алуу башка башкаруу органдарынын компетенциясына чегерилген учурларды эске албаганда) жана келишимдердин типтүү формаларын бекитүү;

8) Акционерлердин жалпы жыйынына жана Директолор кеңешине алардын компетенциясына кирген маселелер боюнча чечим кабыл алууга карата сунуш менен кайрылуу;

9) Ушул Уставдын 13.17-пунктунда каралган учурларда акционерлердин кезексиз жалпы жыйынын чакыруу чечимин кабыл алуу;

10) Тез арада карап, чечүүнүн талап кылган маселелер боюнча Директорлор кеңешинин отурумун өткөрүүнү демилгелөө;

11) Банктын аманат/көчмө кассаларын ачуу маселесин кароого алуу;

12) Банктын филиалдарынын, өкүлчүлүктөрүнүн жетекчилерин жана негизги иш багыты боюнча жооп берген кызматкерлерди Директорлор кеңешине макулдашуу менен дайындоо;

13) Банктын кийинки жылга бюджетин иштеп чыгып, анын акционерлердин жылдын жалпы жыйынында бекилишине чейин жылдык бюджет долбоорун жетекчиликке макулдашуу максатында 15-декабрга чейинки

мөөнөттө Директорлор кеңешине жана акционерлерге макулдашуу;

14) Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына, ушул Уставга жана “Банк Башкармасы жөнүндө” жобого жана Банктын башка ички ченемдик актыларына ылайык башка маселелерди да кароого алуу.

**15.2.** Банк Башкармасы оперативдик ишти жүргүзүү максатында максаттуу комитеттерди жана/же комиссияларды түзүп, аткаруучу милдеттерин жана ыйгарым укуктарын, алардын сандык курамын аныктап, комитеттердин мүчөлөрүн дайындайт.

**15.3.** Банк Башкармасы операциялардын/бүтүмдөрдүн түрүнө жана өлчөмүнө жараша аларды макулдашуу жана жүргүзүү ишин жөнгө салган, ишке ашырылган операциялар/бүтүмдөр үчүн жоопкерчилик чеги аныкталган ички ченемдик документтерди иштеп чыгат жана алардын аткарылышын камсыз кылат.

**15.4.** Банк Башкармасы Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына, ушул Уставга, ошондой эле “Банк Башкармасы жөнүндө” жободо, Корпоративдик башкаруу кодексинде аныкталган тартипке жана шарттарга таянуу менен иш алып барат.

**15.5.** Банк Башкармасы төмөнкүлөр үчүн жоопкерчиликтүү:

- Банктын Директорлор кеңеши тарабынан бекитилген бизнес-пландардын (стратегиялардын) жана саясаттардын аткарылышы;
- Банк дуушар болушу ыктымал болгон тобокелдиктерди аныктап, аларга баа берип, мониторинг жүргүзүп, контролдукка алган банктык процесстерди өнүктүрүү жана өз учурунда колдонууга киргизүү;
- Банк органдарынын, түзүмдүк бөлүмдөрүнүн, кызмат адамдарынын жана кызматкерлеринин жоопкерчилиги, ыйгарым укуктары жана өз ара иш алып баруудагы жөнгө салынган мамилеси айкын аныкталган башкаруунун шайкеш системасынын камсыз кылынышы;
- ички контролдук саясатынын талаптагыдай ишке ашырылышы, ошондой эле ички контролдуктун шайкеш жана натыйжалуу системасына мониторинг жүргүзүү үчүн жоопкерчиликтүү болуп саналат.

**15.6.** Банк Башкармасынын мүчөлөрү Дайындоолор жана сыйакылар боюнча комитеттин жолдомосу боюнча Директорлор кеңеши тарабынан үч жылдан ашпаган мөөнөткө шайланат/дайындалат. Банк, финансы экономикалык же юридикалык маселелер боюнча жогорку кесиптик тажрыйбага ээ болгон, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан белгиленген талаптарга жооп берген адистер Банк Башкармасынын мүчөсү боло алат. Банктын кызматкери сыяктуу эле, финансы-кредит уюмдарында жетекчи кызматтарда иштеп, олуттуу тажрыйбага ээ болгон, сырттан чакыртылган кызмат адамдары да Банк Башкармасынын мүчөлүгүнө шайлана алат/дайындалат. Директорлор кеңешинин мүчөлөрү Банк Башкармасынын мүчөсүнөн боло албайт. Банк Башкармасынын курамына кирген кызмат адамдары чектелбеген санда, кайрадан дайындалышы мүмкүн.

**15.7.** Банк Башкармасынын сандык курамы Директорлор кеңеши тарабынан аныкталып, кеминде беш мүчөдөн турууга тийиш.

**15.8.** Банк Башкармасын Директорлор кеңеши тарабынан шайланган/дайындалган күндөлүк ишке, кызматкерлердин жана кызмат адамдардын ишин тескөөгө

алган жоопкерчиликтүү төрага жетектейт.

**15.9.** Банк Башкармасынын төрагасынын орун басарлары ээлеген кызматы боюнча боюнча Банк Башкармасынын мүчөсү болуп саналышат. Банк Башкармасынын мүчөлөрү Банк Башкармасынын сунушу боюнча Директорлор кеңеши тарабынан шайланат/дайындалат.

**15.10.** Банк Башкармасынын төрагасы Банктын атынан ишеним катсыз эле ушул Уставга ылайык иш алып барат:

1) Банк ишине оперативдүү жетекчиликти жүзөгө ашырат;

2) Банктын финансылык жана тескөөчү документтерине биринчи кол коюу укугуна ээ;

3) Кыргыз Республикасында сыяктуу эле, анын чегинен тышкары мамлекеттик жана башкаруу органдарында Кыргыз Республикасынын Улуттук банкында жана менчик формасына көз карандысыз, республика аймагында иштеп жаткан башка мекеме-уюмдарда ушул Уставга жана “Банк Башкармасы жөнүндө” жобого ылайык, Банктын таламында иш алып барат;

4) Банк кызматкерлеринин (Банк Башкармасынын мүчөлөрү жана Директорлор кеңеши тарабынан дайындалган башка кызмат адамдарын эске албаганда) эмгегине төлөө өлчөмүн аныктап, алар менен эмгек келишимдерин (контракттарды) түзөт ошондой эле, кызматкердин эмгегин баалап, аларды сыйлыкка көрсөтүү жана жаза чарасын колдонуу чечимин кабыл алат.

5) Банк Башкармасынын ишин жетектеп, отурумдарда ага төрагалык кылат;

6) Банктын атынан ишеним каттарды берет;

7) Банктын атынан бүтүмдөргө келишет;

8) Ушул Уставда, Банктын ички ченемдик актыларында жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген чекте Банктын мүлкүн тескөөгө алат;

9) Банктын штаттык тизимин бекитип, буйруктарды, буйрууларды чыгарып, мыйзамдар жана ушул Устав аркылуу Банк Башкармасынын компетенциясына чегерилген маселелерди эске албаганда, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына каршы келбеген жана бардык кызматкерлер милдеттүү түрдө аткарууга тийиш болгон көрсөтмөлөрдү берет;

10) Банк ишинин алдыга койгон максаттарын жетишүү жана натыйжалуу ишти камсыз кылуу үчүн Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына, ушул Уставга жана “Банк Башкармасы жөнүндө” жобо талабына ылайык башка милдеттерди да аткарат.

**15.11.** Банк Башкармасынын ушул Уставдын 15.10-пунктунда көрсөтүлгөн айрым бир ыйгарым укуктары “Банк Башкармасы жөнүндө” жобого жана/же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык төрага тарабынан төраганын орун басарына (орун басарларына) жана башка кызмат адамдарына белгиленген тартипте ыйгарылышы мүмкүн.

**15.12.** Банк Башкармасынын отурумдары зарылчылыкка жараша, бирок айына кеминде бир жолу өткөрүлүп турууга тийиш. Банк Башкармасынын мүчөлөрүнүн кеминде 2/3 катышкан шартта, ал күн тартибине сунушталган маселелер боюнча чечим кабыл алууга укуктуу болуп саналат. Маселелерди

чечүүдө Банк Башкармасынын ар бир мүчөсү бир гана добушка ээ болот. Банк Башкармасынын бир мүчөсү экинчисине добушту өткөрүп беришине жол берилбейт. Добуштар бирдей чыгып калган шартта, Банк Башкармасынын төрагасынын добушу чечүүчү болуп саналат. Банк Башкармасынын мүчөсү кабыл алынган чечимге макул болбосо, ал өзгөчө пикирин билдирүүгө укуктуу. Отурумда кызыкчылыктарды каршы келип калган Банк Башкармасынын мүчөсү тиешелүү маселении талкулоого жана добуш берүүгө катышууга укугу жок.

**15.13.** Банк Башкармасынын отуруму бекитилген регламентке ылайык, бирок айына кеминде бир жолу өткөрүлүп турууга тийиш. Банк Башкармасынын отурумдарынан протоколдор Банк Башкармасынын катчысы тарабынан белгиленген тартипте толтурулууга тийиш.

**15.14.** Банк Башкармасы жыл сайын, декабрь айынын 15-чейинки мөөнөттө кийинки финансы жылына жылдык бюджеттин долбоорун иштеп чыгып, аны Директорлор кеңешине жана акционерлерге макулдашат жана кииийнки жылы акционерлердин жылдык жалпы жыйынында бекитилген, макулдашылган жылдык бюджетке ылайык жана анын чегинде иш алып барат.

**15.15.** Мамлекет акциялардын 50% көбүрөөгүнө ээлек кылган болсо, Банк Башкармасына шайланган адам, ал иштеп турган мезгил ичинде Банк чыгаша тартуу менен иштеп, финансылык көрсөткүчтөр кыйла начарлап кеткен шартта жана/же натыйжалуулук көрсөткүчтөрүндө терс тенденция орун алган болсо (терс рентабилдүүлүк), кайталап шайлана албайт.

## 16. АУДИТ БОЮНЧА КОМИТЕТ

**16.1.** Банктын Аудит боюнча комитети, ыйгарым укуктарын узартуу укугу менен Директорлор кеңеши тарабынан бир жылдык мөөнөткө дайындалган анын үч мүчөсүнөн турат. Комитеттин үч мүчөсүнүн экөөсү көз карандысыз мүчөдөн болууга тийиш.

**16.2.** Директорлор кеңешинин Тобокелдиктерди тескөө боюнча комитетти жетектебеген көз карандысыз мүчөлөрүнүн бири милдеттүү түрдө Аудит боюнча комитеттин төрагасы милдетин аткарат. Мында, Аудит боюнча комитеттин төрагасы бухгалтердик эсепке алуу жана финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарын, эл аралык тажрыйбада колдонулган аудит боюнча стандарттарды билүүгө, ошондой эле жогоруда көрсөтүлгөн багыттар боюнча окутуудан өткөндүгүн тастыктаган сертификаттарга ээ болууга тийиш.

**16.3.** Аудит боюнча комитет Директорлор кеңеши же аталган комитеттин эки мүчөсү тарабынан чейрек ичинде кеминде бир жолу өткөрүлүп турууга тийиш. “Аудит боюнча комитет жөнүндө” жобо Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын милдеттүү минималдуу талаптарын эске алуу менен Директорлор кеңеши тарабынан бекитилет.

**16.4.** Аудит боюнча комитет аткарууга тийиш болгон негизги милдеттерден болуп төмөнкүлөр саналат:

1) Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан талап кылынган тиешелүү бухгалтердик жол-жоболорду белгилөө жана алардын

аткарылышына контролдукту камсыз кылуу;

2) акционерлердин жалпы жыйынына сунуштоо үчүн тышкы аудиторлорду дайындоо маселелери боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү иштеп чыгуу, зарылчылык келип чыккан шартта, Банк ишине атайы аудитордук текшерүүлөрдү жүргүзүүнү, Банктын эсебинен Аудит боюнча комитетке көмөк көрсөтүүсү үчүн эксперттерди тартууну демилгелөө;

3) мыйзам талаптарынын, анын ичинде Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик укуктук актыларынын аткарылышын көзөмөлдүккө алып, ушул маселелер боюнча Директорлор кеңешине отчетторду сунуштоо.

**16.5.** Аудит боюнча комитет өз милдеттерин аткаруу үчүн төмөнкүлөргө укуктуу:

1) Банктын Директорлор кеңешине ички аудиторго талапкерди сунуштоого;

2) талап кылынган кандай болбосун маалыматтарды жана Банк ишине байланыштуу отчетторду алууга;

3) Банктын Директорлор кеңешинин колдоосу менен кандай болбосун иш боюнча териштирүүлөрдүн жүргүзүлүшүн демилгелөөгө;

4) зарылчылык келип чыккан шартта, иш жыйынтыгы боюнча отчетторду жана ички аудитттин сунуш-көрсөтмөлөрүн, ошондой эле Банк Башкармасынын ошол көрсөтмөлөрдүн аткарылышы боюнча планын талап кылып алууга;

5) тышкы аудитордон иш планын, жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча корутундуларды жана сунуш-көрсөтмөлөрдү талап кылып алууга;

6) Аудит боюнча комитет бүткөрүлгөн иш жыйынтыгы боюнча Директорлор кеңешине мезгил-мезгили менен отчет берип турууга тийиш.

## 17. ТОБОКЕЛДИКТЕРДИ ТЕСКӨӨ БОЮНЧА КОМИТЕТ

**17.1.** Банктын Тобокелдитерди тескөө комитети Директорлор кеңешинин үч мүчөсүнөн турат. Комитеттин мүчөлөрү Директорлор кеңеши тарабынан үч жылдык мөөнөткө дайындалат.

**17.2.** Тобокелдиктерди тескөө комитетинин эки мүчөсү Директорлор кеңешинин көз карандысыз мүчөлөрүнүн ичинен шайланат, алардын бири аталган комитеттин төрагасы милдетин аткарат жана Аудит боюнча комитетти жетектөөгө укугу жок.

**17.3.** Тобокелдиктерди тескөө комитетинин негизги милдетинен болуп төмөнкүлөр саналат:

1) Банктын тобокелдиктерди тескөө процессин жөнгө салган ички документтерине, тобокелдиктер боюнча жетекчилерге сунушталуучу отчетторго, тобокелдиктерди тескөө процессин маалыматтык колдоонун жетиштүүлүгүнө талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү аркылуу, системанын натыйжалуулугуна баа берүү;

2) тобокелдик менеджеринин (тобокелдиктерди тескөө башкармалыгынын) иш планын бекитүү жана алардын аткарылышын контролдоо;

3) тобокелдиктерди тескөөгө алууну алгылыктуу эл аралык тажрыйларга салыштыруу;

4) тобокелдиктердин бардык түрү боюнча мезгил-мезгили менен берилип турган отчетторду, ошондой эле банктык лимиттердин абалын, аткаруу органы жана/же тобокелдиктер боюнча иш алып барган түзүмдүк бөлүмдөр тарабынан сунушталган гэп жана стресс тестрлөөнүн натыйжаларын кароого алуу;

5) тобокелдик менеджери, комплаенс контролер, ички жана тышкы аудиторлор жана зарылчылык келип чыккан шартта, башка түзүмдүк бөлүмдөр менен Банк ишинде келип чыгышы ыктымал болгон тобокелдиктерди тескөө жагында өз ара тыгыз иш алып барат;

6) Банктын Директорлор кеңеши үчүн сунуштарды иштеп чыгуу/даярдоо;

7) Директорлор кеңешине келип чыгышы ыктымал болгон тобокелдиктер жана орун алган тобокелдиктерди контролдукка алуу, банктын ушул иш багыты боюнча отчеттору маселелери боюнча кеп-кеңештерди берүү;

8) Банк ишине мүнөздүү болгон тобокелдиктер боюнча маалыматтарды Директорлор кеңешине сунуштап туруу;

9) Иш жыйынтыгы боюнча отчетторду зарылчылыкка жараша, бирок жылына кеминде бир жолу Директорлор кеңешинин кароосуна сунуштап туруу;

**17.4.** Тобокелдиктерди тескөө комитетинин бардык мүчөлөрү добуш берүү укугуна ээ, ал эми чакыртылгандар добуш берүүгө укугу жок.

**17.5.** Комитеттин отуруму зарылчылыкка жараша, бирок айына кеминде бир жолу өткөрүлүп турууга тийиш. Отурумдардан кароого сунушталаган бардык маселелер жана алар боюнча ой-пикирлер ырааттуу чагылдырылган протокол тариздетилиши зарыл.

**17.6.** Комитет өз милдеттерин жүзөгө ашыруу үчүн төмөнкүлөргө укуктуу:

1) Банктын түзүмдүк бөлүмдөрүнөн тиешелүү маалыматтарды талап кылып алууга;

2) Комитеттин отурумдарына ушул маселе боюнча иш алып барган тиешелүү кызматкердин катышуусун талап кылууга;

3) Комитеттин ишине эксперттердин, анын ичинде комитеттин төрагасынын чечими боюнча Банк кызматкерлеринин ичинен эксперттерди тартууга;

4) Тышкы уюмдардын кесипкөйлүк кызмат көрсөтүүлөрүнөн пайдаланууга же болбосо комитеттин компетенциясына чегерилген маселелер боюнча атайы билим деңгээлине ээ болгон консультанттарды Директорлор кеңешине макулдашуу менен эксперт катары тартууга.

## 18. ДАЙЫНДООЛОР ЖАНА СЫЙАКЫЛАР БОЮНЧА КОМИТЕТ

**18.1.** Дайындоолор жана сыйакылар боюнча комитет Директорлор кеңешинин иш натыйжалуулугун арттыруу максатында түзүлгөн жана анын иши Банк Башкармасынын мүчөлөрү, ички аудит, тобокелдик менеджменти жана комплаенс-контролдоо башкармалыктарынын жетекчилерин жана кызматкерлерин, корпоративдик катчыны, ошондой эле Директорлор кеңеши аныктаган башка негизги иш багытынын кызматкерлерин дайындоо жана аларга сыйакыларды аныктоого контролдукту күчөтүүгө багытталган.

**18.2.** Комитетин иши Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдары, Директорлор кеңеши тарабынан бекитилген "Комитет жөнүндө" жобо талаптары аркылуу жөнгө салынат.

**18.3.** Комитет, Банк иши үчүн талап кылынган компетенцияга жана квалификацияга ээ болгон кызматкерлерди тартуу, ишин андан ары ийгиликтүү алып кетиш үчүн өбөлгө түзүү аркылуу аларды туруктуу иштетип калтыруу максатында кызматкерлерге төлөнүүчү сыйакыларды аныктайт.

**18.4.** Комитет Директорлор кеңеши тарабынан анын мүчөлөрүнүн ичинен үч жылдык мөөнөткө дайындалаган үч мүчөдөн турат жана анын бири көз карандысыз болууга тийиш.

**18.5.** Комитет Директорлор кеңешине төмөнкү маселелер боюнча сунуштарды берүүгө укуктуу:

- Банк Башкармасынын курамына талапкерлер, ички аудит, тобокелдик менеджмент жана комплаенс-контролдоо башкармалыктарынын жетекчилеринин жана кызматкерлеринин, ошондой эле Директорлор кеңеши тарабынан аныкталган негизги иш багыттары боюнча кызматкерлердин, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан белгиленген талаптарды эске алуу менен корпооративдик катчынын кызмат ордуна талапкерлер боюнча;
- Банктын Директорлор кеңешинин, Банк Башкармасынын мүчөлөрүнө, ички аудит, тобокелдик менеджмент жана комплаенс-контролдоо башкармалыктарынын жетекчилери жана кызматкерлери, ошондой эле Директорлор кеңеши тарабынан аныкталган негизги иш багыттары боюнча кызматкерлерге ички ченемдик актыларга ылайык сыйакыларды аныктоо боюнча.

**18.6.** Комитет сыйакыларды төлөө боюнча ички ченемдик актыларды иштеп чыгып, аларды Директорлор кеңешинин кароосуна сунуштайт.

**18.7.** Комитет ушул Уставдын 18.5, 18.6-пункттарында каралган ыйгарым укуктардан тышкары, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы банктык мыйзамдарына жана ички ченемдик актыларга ылайык башка милдеттерди да аткарат.

## 19. БАНКТЫН КОРПОРАТИВДИК КАТЧЫСЫ

**19.1.** Корпоративдик катчы Банктын кызмат адамы болуп саналат жана ал Директорлор кеңеши тарабынан шайланат. Банкта корпоративдик катчынын башка милдеттенмелерди кошо аткаруу шартына Директорлор кеңешинин макулдугу менен гана жол берилет

**19.2.** Корпоративдик катчы акционерлердин жалпы жыйынынан жана Директорлор кеңешинин отурумдарынан протоколдорду толтуруп, алар кабыл алган чечимдердин аткарылышын контролдоп, Банктын башкаруу органдары менен корпоративдик өз ара иш алып баруунун талаптагыдай жөнгө салышын камсыз кылып, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аныктаган башка ыйгарым укуктарды да жүзөгө ашырат.

**19.3.** Корпоративдик катчы өз ишин «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иши жөнүндө" мыйзамга, Улуттук бактын ченемдик укуктук актыларына, Банктын Уставына жана ички ченемдик актыларына, ошондой эле акционерлердин жалпы жыйынынын жана Директорлор кеңешинин чечимдерине ылайык жүргүзөт.

**19.4.** Банк тарабынан корпоративдик катчынын функционалдык милдеттери Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларына жана банктын ички ченемдик актыларына ылайык өз алдынча иштелип чыгат.

**19.5.** Корпооративдик катчы Банктын алга умтулган кызыкчылыгында ак ниеттүүлүк менен иш алып барууга милдеттүү, бул Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында белгиленген финкционалдык милдеттенмелердин аткарылышын так сактоону түшүндүрөт.

**19.6.** Корпоративдик катчы милдеттүү түрдө Банктын Директорлор кеңешинин отурумдарынан стенографиялык протоколду толтуруп (отурумга катышуучулардын сүйлөгөн сөзүн ыраатту түрдө чагылдыруу), кат жүзүндө сурамжылоо жана коммуникациялык каражаттарды колдонуу аркылуу добуш берүү жыйынтыгы боюнча протоколду түзүүгө тийиш.

**19.7.** Корпоративдик катчы кол коюлган протокол менен Директорлор кеңешинин бардык мүчөлөрүн коммуникациялык каражаттарды колдонуу менен да тааныштырууга милдеттүү.

## 20. ЭСЕПКЕ АЛУУ ЖАНА ОТЧЕТТУУЛУК

**20.1.** Банк бухгалтердик эсепти жүргүзүп, финансылык отчетту сунуштап турууга милдеттүү. Финансылык отчеттун көлөмү, формаларынын тизмеги жана аларды сунуштоо тартиби Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленет.

**20.2.** Банк Башкармасынын төрагасы финансылык отчеттордун, эсепке алуу ишине тиешелүү документтердин жана башка маалыматтардын тактыгы, толуктугу жана талаптагыдай сакталышы үчүн Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат. Банктын башкы бухгалтери финансылык отчеттордо бухгалтердик операциялардын жана жагдайлардын туура чагылдырылышы, бухгалтердик эсепке алуу жана финансылык отчеттор реестринин талаптагыдай сакталышы үчүн жооп берет.

**20.3.** Банкта, анын филиалдарында жана өкүлчүлүктөрүндө эсепке алуу саясатынын, документтердин жүгүртүлүшүн уюштуруу Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарныда жана ушул Уставда белгиленет.

**20.4.** Жылдын 1-январынан 31-декабрды кошо алгандагы мезгил аралыгы Банктын финансылык жылы болуп эсептелинет.

**20.5.** Банктын жылдык отчету акционерлердин жылдык жалпы жыйынын өткөрүү тууралуу маалымдалганга чейин тышкы аудитор тарабынан тастыкталууга тийиш.

**20.6.** Банк Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талабына ылайык, милдеттүү түрдө жарыялanууга тийиш болгон маалыматтарды жалпыга

маалымдоо каражаттарында жарыялап турууга милдеттүү.

## 21. АУДИТОРДУК ТЕКШЕРҮҮ

**21.1.** Банк ишин аудитордук текшерүүдөн өткөрүү Ички аудит бөлүмү жана ушул Уставдын, "Ички аудит башкармалыгы жөнүндө" жобонун жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзам талабына ылайык көз карандысыз тышкы аудиторлор тарабынан жүргүзүлүүгө тийиш.

**21.2.** Ички аудит бөлүмүнүн компетенциясына төмөкүлөр кирет:

1) Банкта ички контролдук системасынынын шайкештигин жана натыйжалуулугун текшерүү жана ага баа берүү;
2) Банк тарабынан Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзам талаптарынын жана ички ченемдик актылардын жоболорун так сакталышы деңгээлин аныктоо;
3) Банкта эсепке алуунун талапка шайкештигине баа берүү;
4) Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдары, ушул Устав жана "Ички аудит башкармалыгы жөнүндө" жобо аркылуу, анын компетенциясына чегерилген жана башка маселелер.

**21.3.** Ички аудит башкармалыгынын сандык жана персоналдык курамы ушул Устав жана "Ички аудит башкармалыгы жөнүндө" жободо белгиленген тартипте Директорлор кеңеши тарабынан аныкталат.

**21.4.** Банк финансылык отчеттун туура түзүлгөндүгүн текшерип, аны тастыктоо үчүн жыл сайын Банк, анын акционерлери же кызмат адамдары менен мүлктүк кызыкчылыктар менен байланыштуу болбогон көз карандысыз иш алып барган кесипкөй аудиторду (тышкы аудиторду) ишке тартат. Банк ишине аудит жүргүзүү Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында белгиленген аудит жүргүзүү үчүн каралган минималдуу критерийлерге жооп берүүгө тийиш.

**21.5.** Тышкы аудитор Акционерлердин жалпы жыйынын тарабынан бекитилет.

**21.6.** Тышкы аудитор Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзам талаптарын сактоо, алар менен түзүлгөн Акционерлердин жалпы жыйынынын тышкы аудиторду бекитүү тууралуу чечиминин негизинде Банка Башкармасынын төрагасы тарабыннан кол коюлган келишимдерге ылайык Банктын финансылык отчетунун тактыгын тастыктайт. Аудитордук компания Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, аудитордук компаниянын бекитилган уставына жана Банк менен түзүлгөн келишимге ылайык аудиторлордун аларга жүктөлгөн милдеттерди акыйкат чегиде аткаруусу үчүн жоопкерчиликтүү болуп саналат.

**21.7.** Банк ишине жүргүзүлгөн тышкы аудитордук текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча тышкы аудитор Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзам талаптарына ылайык тиешелелүү корутунду даярдайт.

## 22. БАНКТЫ ӨЗГӨРТҮП ТҮЗҮҮ

**22.1.** Банкты өзгөртүп түзүү Кыргыз Республикасынын колдонуудагы банктык мыйзамдарына ылайык ишке ашырылат.

## 23. БАНКТЫ ЖОЮУ ТАРТИБИ

**23.1.** Банкты жоюу Кыргыз Республикасынын колдонуудагы банктык мыйзамдарына ылайык өз эрки боюнча жана мажбурлоо тартибинде ишке ашырылат

**Банк Башкармасынын Төрагасы** **Т.Б.Алимджанов**

ABank